ФИСКАЛДЫК САЯСАТ КАНДАЙ БОЛОТ?

Сунушталган фискалдык саясат кризисттик мезгилде бизнес структураларды, айыл чарбасын өнүктүрүүгө шарттарды түзөт.

2-БЕТТЕ

АЛИМАРДАН "МИЛЛИОНЕР БОЛДУ"

Эрежесиз эр уруштун чебери Алимардан Абдыкааров OPEN FC лигасынын Гран-при мелдешинин финалында атаандашы арменияльк Айк Казарянды нокаутка түшүрө жеңип, чемпиондук кур менен кошо бир миллион рубль акчалай сыйлык алды. Гран-при таймашы 14-август күнү Бишкектеги Д.Өмүрзаков атындагы стадиондо өттү.

ООГАНСТАНДА ТАЛИБДЕР БИЙЛИККЕ КЕЛДИ

"Талибан" кыймылы Кабулду алып, Ооганстанды толугу менен өзүнө каратты. Президент Ашраф Гани өлкөдөн чыгып кетти.

3-БЕТТЕ

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин-Тоо

WWW.ERKINTOO.KG | Шейшемби, 2021-жылдын 17-августу | №88 (3267)

БИШКЕГИМ, БИШКЕГИМ БОРБОРУМ СЕН!

ЭГЕМЕНДҮҮЛҮКТҮН 30 ЖЫЛДЫГЫНА 30 КЛУМБА

Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 30 жылдыгына карата "Бишкек жашылдандыруу" ишканасы шаардыктарга жана коноктор үчүн 30 клумба тартуулашты. Кечээ Бишкек шаарынын мэриясында шаар мэринин милдетин аткаруучу Айбек Жунушалиевдин төрагалыгы астында эгемендүүлүк күнүнө карата даярдыктар боюнча жыйын өттү.

"АТАМАН" ЭНЧИЛҮҮ СААТ МЕНЕН СЫЙЛАНДЫ

Бир апта мурда алыскы Американын Хьюстон шаарында абсолюттук мушкерлер уюмунун UFC 265 турниринде жеңишке жетишкен жердешибиз Рафаэль Физиев Бишкекке келди. Жогорку Кеңештин Төрагасы Талант Мамытов ЖК депутаттарынын жана жеке өзүнүн атынан мушкерди жеңиши менен куттуктап, энчилүү саат жана башка белектерди берип, ийгиликтерди каалады.

КОРРУПЦИЯ МЕНЕН ТЫНЫМСЫЗ КҮРӨШ ЖҮРГҮЗҮЛӨТ

5-БЕТТЕ

ООГАНСТАНДАГЫ АБАЛ ТЫНЧСЫЗДАНДЫРАТ

Президент Садыр Жапаров 16-августта Тышкы иштер министрлигине Ооганстан аймагында убактылуу жүргөн жарандарыбыздын коопсуздугун камсыз кылуу чараларын күчөтүү жана өз Мекенине тез арада эвакуациялоону тапшырды. Президенттин тапшырмасы боюнча тиешелүү мамлекеттик органдар Ооганстандагы кырдаалдын өнүгүшүнө ар тараптан мониторинг жүргүзүүнү улантышууда.

Белгилей кетсек, Садыр Жапаров Ооганстан Ислам Республикасында түзүлгөн кырдаалга тыкыр көз салып турат. Улуттук коопсуздук мамлекеттик кызматы, Коопсуздук кеңешинин Катчылыгы жана Тышкы иштер министрлиги аркылуу саат сайын тиешелүү маалыматтар Президентке берилүүдө.

ПРЕЗИДЕНТ ВАКЦИНА АЛУУГА ЧАКЫРАТ

Президент Садыр Жапаров 13-августта шаарыбыздагы мобилдик эмдөө пункттарынын биринде уулу менен бирге коронавирус инфекциясына каршы вакцинанын экинчи дозасын алды.

Ал мекендештерге кайрылып, бүгүнкү күндө өлкөбүздө эмдөөдөн өткөн жарандардын саны дагы деле аз болуп жатканын белгилеп, ар бир кыргызстандык үчүн эмдөөдөн өтүүнүн өзгөчө маанисин белгиледи.

«Өлкөнүн бардык жарандарын активдүү түрдө вакцина алууга чакырам. Бул вирусту жеңүү үчүн четте карап турбастан, коронавирус инфекциясына каршы эмдөөдөн өтүү зарыл. Биз бул илдеттин абдан олуттуу экенин түшүнүшүбүз керек», - деди Садыр Жапаров.

ИШКЕРЛЕР МЕНЕН БААРЛАШУУ

Өткөн аптада Президенттин Администрациясынын кызматкерлери Эл аралык ишкерлер кеңеши менен биргеликте Баткен, Ош, Жалал-Абад, Талас, Ысык- Көл, Нарын облустарында чакан жана орто бизнес өкүлдөрү менен жолугушууларды өткөрүштү.

Жолугушуулардын жүрүшүндө алыскы аймактардагы ишкерлер үчүн маанилүү болгон орчундуу маселелер талкууланды. Ишкерлер бизнести түптөөдө каржы маселеси, жер тилкелерин трансформациялоо, жүк ташуу, өндүрүлгөн продукцияны сатуу, энергетика жана жергиликтүү бийлик органдарына байланыштуу маселелер туурасында айтып беришти.

Бул иш-чаралар Президент Садыр Жапаровдун өлкөнүн бизнес коомчулугу менен жолугушуусуна улай өткөрүлүп, өлкөнүн министрликтери менен ведомстволорунун алдына инвестициялык климатты жана республикадагы бизнес- чөйрөнүн абалын жакшыртуу милдеттери коюлду.

ЖАҢЫ ЖЭБ-2ни КУРУУ УЧУРУ КЕЛДИ

Президент Садыр Жапаров 13-августта Бишкек шаарындагы Жылуулук электр борбору - 2нин (ЖЭБ-2) абалы менен жеринде таанышты.

ЖЭБ-2 долбоору 1991-жылы иштелип чыккан. Долбоор боюнча негизги отун катары экологиялык таза отун - жаратылыш газын колдонуу пландаштырылган. Бирок, СССР кулап, газ менен жабдуу үзгүлтүккө учурагандан кийин объектинин курулушу токтоп, 47 гектар аянттагы ЖЭБ-2нин санитардык зонасына акырындык менен жеке турак үйлөр курулуп кеткен.

Учурда ЖЭБ-2нин курулушун кайра жандандыруу жана 2-5 жылдын ичинде куруп бүткөрүп, кубаттуулугун 460 МВтга жеткирүү сунушталууда. Жакын арада ЖЭБ-2ни реабилитациялоо боюнча болжолдуу техникалык-экономикалык негиздемени иштеп чыгууга тендер жарыялоо пландалууда.

Садыр Жапаров ЖЭБ-2нин имараты жана жабдуулары менен таанышып, бул стратегиялык объектинин айланасындагы калктуу конуштун тургундары менен баарлашты.

ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК КҮНҮ МЕНЕН КУТТУКТАДЫ

Президент Садыр Жапаров 14-августта Пакистан Ислам Республикасынын Президенти Ариф Алвини жана жалпы Пакистан элин улуттук майрамы - Эгемендүүлүк күнү менен жеке өзүнүн жана Кыргызстан элинин атынан куттуктады.

"Жагымдуу мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, өлкөлөрүбүздүн ортосундагы мамилелер мындан ары да эки мамлекеттин элдеринин жыргалчылыгы үчүн өнүгөт деп ишенем", – деп белгиленет куттуктоодо.

***

Ал эми 15-августта Президент Садыр Жапаров Лихтенштейн Княздыгынын мураскер ханзаадасы Алоиз Филипп Марияны жана Лихтенштейн элин улуттук майрамы - Эгемендүүлүк күнү менен куттуктап, жакшы каалоолорун жолдоду.

***

Ушул эле күнү Индия Республикасынын Президенти Рам Натх Ковиндди Индия Республикасынын улуттук майрамы - Эгемендүүлүк күнү менен куттуктады. "Биз мамлекеттердин ортосунда түзүлгөн стратегиялык мамилелерди абдан жогору баалайбыз. Кыргыз-Индия өнөктөштүк байланыштары эки элдин бакубатчылыгы үчүн мындан ары да бекемделе берет деп ишенем", - деп айтылат куттуктоо телеграммасында.

АТА-ЭНЕЛЕРДЕН АКЧА ЧОГУЛТУУГА КАРШЫ

Президент Садыр Жапаров Билим берүү жана илим министрлигинин жалпы билим берүү мекемелериндеги окуучулардын ата-энелеринен акча чогултуу демилгесине кескин каршы пикирде.

Бул тууралуу 13-августта Президенттин басма сөз катчысы Эрбол Султанбаев билдирди. Мамлекет башчысы жалпы билим берүү уюмдарында мыйзамсыз акча жыйноолордун эч бирине жол берилбестигин сүйлөгөн сөздөрүндө бир нече ирет белгилеген. Андыктан, мектептерде ар кандай шылтоолор менен акча жыйноого тыюу салынышы керек. Президенттин пикиринде мекеменин бул демилгеси мамлекеттик саясаттын коррупцияга каршы күрөшүү жаатындагы негизги багыттарына каршы келет жана ата-энелердин кошумча төлөмү билим берүү тармагын жакшыртууга реалдуу пайда да алып келбейт.

АР КИМ ӨЗ МИЛДЕТИН АТКАРСЫН

Президент Садыр Жапаров 13-августта Экономика жана финансы министрлигинин экономикалык чөйрөдөгү мыйзам бузууларды аныктоо жана аларга бөгөт коюу боюнча милиция кызматкерлеринин ыйгарым укуктарын кеңейтүү демилгесине каршы пикирин билдирди.

Президенттин пикиринде ички иштер органдарынын кызматкерлери ишкердик субъектилердин ишине кийлигишпеши керек. Алар өздөрүнүн түздөн-түз милдеттерин - коомдук тартипти коргоо жана ага бөлүнгөн участокто кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча иштерди аткарууга милдеттүү. Мамлекет башчысы өлкөдө текшерүүлөрдүн азайышы жана инвестицияларды тартуу менен ишкердик кылууга жагымдуу шарттар түзүлүп жатканын белгилеп, Экономика жана финансы министрлигинин мындай демилгесин четке какты.

АВТОУНАА МУКТАЖДЫК ЭМЕС

Мурда Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгынын алдындагы Автотранспорт бирикмеси тарабынан райондук администрация башчыларына (акимдерге) 60 миллион сомго унаа сатып алууга жарыяланган тендер жокко чыгарылат. Президент Садыр Жапаров бул боюнча тапшырма бергенин Президенттин басма сөз катчысы Эрбол Султанбаев билдирди.

Бул чечим өлкөнүн экономикалык оор абалын, ошондой эле аталган маселе боюнча коомчулуктун пикирин эске алуу менен жана бюджеттин өтө зарыл болбогон чыгымдарын азайтуу үчүн кабыл алынган.

ФИСКАЛДЫК САЯСАТ КАНДАЙ БОЛОТ?

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Улукбек Марипов 15-августта фискалдык жана инвестициялык саясат боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Кеңешинин жыйынын өткөрдү.

Анда фискалдык саясатты ишке ашыруунун негизги багыттарын аныктоо максатында иштелип чыккан 2022-2024-жылдарга Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттарынын долбоору каралды.

Улукбек Мариповдун пикиринде фискалдык саясаттын сунушталган планы бул чаралар тең салмакташтырууга мүмкүндүк берет жана кризистик мезгилде бизнес структураларды, агроөнөр жай комплексин, айыл чарбасын, энергетиканы жана өнөр жайын өнүктүрүү үчүн шарттарды түзөт.

Талкуунун жыйынтыгында долбоор айтылган сунуштарды жана сын-пикирлерди эске алуу менен жактырылды.

ТҮРКИЯДАГЫ СЕЛ КЫРСЫГЫ

Президент Садыр Жапаров Түркиянын Президенти Режеп Тайип Эрдоганга Түркиянын бир нече провинциясында жүргөн селден улам каза болгондорго байланыштуу Кыргызстан элинин жана жеке өзүнүн атынан терең кайгыруу менен көңүл айтты.

«Кыргыз эли кырсыктын кесепетинен каза болгондордун үй-бүлөлөрүнүн жана жакындарынын кайгысын тең бөлүшөт. Табигый кырсыктан жабыркагандардын баарынын тезирээк сакайып кетүүсүн каалайт», - деп айтылат көңүл айтуу телеграммасында.

Даярдаган Бегим ТУРДАЛИЕВА

■ Сактыкка кордук жок

Генерал-майор Артур МЕДЕТБЕКОВ:

“ООГАНСТАНГА ТАЛИБДЕРДИН КЕЛИШИ БИЗГЕ КОРКУНУЧ ЖАРАТПАЙТ”

Ооганстанда болгон окуялар дүйнө элин ойго салып жаткандыктан, бул кырдаал туурасында генерал-майор, Терроризмге каршы күрөшүү боюнча ардагерлер коомунун башкармасы Артур Медетбеков менен капыл-тапыл маек курдук.

- Ооганстанда болуп жаткан саясий өзгөрүүлөр дүйнө элин тынчсыздандырууда. Бул боюнча пикириңиз кандай?

- Албетте, Ооганстандагы окуялар дүйнө жүзүндөгү мамлекеттерди, элдерди кайдыгер калтырбай, өтө тынчсыздануунга мажбурлап жатат. Ооганстан “Талибан” деген эл аралык деңгээлдеги террористтик уюмга каршы көп жылдан бери күрөшүп, бирок аны жеңе албай, АКШ менен НАТОнун аскерлерине миллиарддаган долларды жумшады. “Ооганстандын өкмөтүн, 300 миң армиясын курдук” деп дүйнөгө жар салып, аскердик техникаларды, куралжарактарды берип, бирок, эч натыйжа чыккан жок. Демек, бул жерде бир чоң сыр бар. 20 жылдан бери НАТОнун, АКШнын, Ооганстандын жогорку деңгээлдеги жетекчилери, аскер жетекчилери бөлүнгөн акчаларды толугу менен Ооган мамлекетинин коргонуусуна, өлкөнүн өсүп-өнүгүшүнө жумшабай, 70-80%ын өз чөнтөктөрүнө салышып, коррупциялык схемаларды түзгөнү даана көрүнүп турат. Экинчиден, Ооган өлкөсүнүн бийлигиндегилер 20 жылда айыл-кыштактардагы элди идеология менен сугарып, талибандардын канчалык деңгээлде зыяндуу экенин түшүндүрүү иштерин жүргүзүшкөн жок. Андай аракеттердин ордуна тескерисинче өздөрү чардап, чет өлкөлөрдөгү банктарга акчаларын салып, уурдаганы белгилүү болуп калды. Үчүнчүдөн, ошол мезгилде талибандар жергиликтүү айыл-кыштактардагы жөнөкөй адамдарга радикалдуу, фундаменталдуу ислам динин көрсөтүп, ага үндөп, эл менен иштеп, бүгүнкү күндө чоң колдоо топтоп, анын натыйжасында шаарлардын 70-80%ы согушсуз, тынчтык жолу менен өтүп кетти. Талибандарда 70-80 миңге жетпеген адам болсо, Ооган аскери 300 миң деген сөз калп болуп чыкты. Армия моралдык духтун, тамак-аштын начардыгынан жоготууга учурап, бат эле жеңилип беришти. Ооганстанга талибандардын келиши, ооган элинин чоң трагедиясы. Биринчиден, талибдер “Ооганстан Ислам Эмираты” деген жаңы мамлекет түзөбүз деп бийликке умтулуп, анын негизинде өздөрүнүн жасаган иштерин рационалдуу түрдө пайдаланганга аракеттенишүүдө.

Алар 90-жылдарда бийликке келгенде абдан катуу радикалдуу болуп, аялдарды дарга асып, өлтүргөнүн өлтүрүп, жашоо көрсөткөн эмес. Ал эми бүгүнкү күндө “биз аялдарга, кыз-келиндерге окуганга, медицина тармагында, мугалим болуп иштегенге уруксат беребиз. Паранжа кийбесе дагы башынан жоолук түшпөш керек” деп ар кандай ыңгайлуу долбоорлорду ишке ашырганы жатышат. Бул биринчиси. Бирок, талибдерге ишенүү өтө кыйын. Экинчиден, талибдер менен ич ара талаш-тартыштар жакында башталат. Себеби, алар бийликке келээри менен министрликтерди алабыз деп ич ара талашып-тартышканга чейин барышат. Анткени, талибдердин ичинде айрымдары радикалдуу, фундаменталдуу болсо, кээ бирлери бир калыпта. Үчүнчүдөн, булардын арасында “Аль-Каида”, "ИЛИМ" (ИГИЛ) уюмдарынын мүчөлөрү, чет элден келген ар кандай жарандар да бар. Алар аралашып кетти. Аталган уюмдардын мүчөлөрүнүн көбү Орто Азия мамлекеттеринен - Тажикстан, Өзбекстан, кээ бирлери Кыргызстандан, түндүк Кавказдан кошулган.

- Талибдер бийликке келгенден кийин кандай аракеттерди жасашы мүмкүн?..

- Алар бийликке келгенден кийин албетте өздөрүнүн террордук идеяларын Орто Азия өлкөлөрүнө экспорттоого, таасирдүү кылууга аракет жасашы мүмкүн. Аны менен бирге чек ара маселелерине байланыштуу чек араларда потенциалдуу түрдө, көмүскө коркунучтарды жаратышы ыктымал.

- Бул нерсе Орто Азияга, анын ичинде Кыргыз Республикасына коркунуч жаратпайбы?

- Жок. Кыргыз Республикасына чоң деңгээлде коркунуч жарата албайт. Буга бир нече себептер бар. Ооганстан үчүн коркунучтуусу гуманитардык катастрофа, экинчиси качкындардын көбөйүшү, алардын көбү жакынкы Орто Азияга өтүп, ал жактарга баш калкалоосуна шарт түзүү. Үчүнчүсү, Ооганстандын чек арага жакын Тажикстан, Өзбекстан, Түркмөнстан менен чектеш жерлеринде көмүскө чакан согуштар болуп турушу ыктымал. Эң коркунучтуусу “Талибан” кыймылы социалдык тармактарга чыгып, интернет сайттар аркылуу өз идеологияларын жайылтып, өздөрүнө азгырып, алдап, жаңы адамдарды чакырып, катарларын арбытат. Бул өтө коркунучтуу. Алар шакирттерди даярдаса, ал шакирттери билинбей расмий түрдө качкындарга кошулуп, башка мамлекетке өтүп кетип, тымызын террордук акцияларга катышып, аны жасоого аракеттениши да ыктымал. Ушундай нерселер Кыргыз Республикасына кесепетин тийгизиши мүмкүн. Ал эми чоң деңгээлде потенциалдуу, глобалдуу коркунуч жок. Эгемендүү мамлекет катары биздин чек ара күчтөрүбүз, аскерлерибиз ЖККУ, ШКУ менен биргелешип сырткы күчтөргө каршы күрөшүүдө чоң коргонууну түзүп алды.

Жазгүл КАРБОСОВА

ООГАНСТАНДАГЫ СОГУШ АЯКТАДЫ. ТАЛИБДЕР БИЙЛИККЕ КЕЛДИ

Соңку жумаларда бүткүл дүйнө жүзү Ооганстанда болуп жаткан окуяларга өтө тынчсыздануу менен көз салып турду. Америка Кошмо Штаттары жыйырма жылдан ашуун убакыттан бери Ооганстанда жайгашкан жана ооган бийлигине жардам, колдоо көрсөтүп келген аскерлерин май айынан тартып чыгарып кете баштап, бул иш-чара августтун соңуна чейин бүткөрүлө тургандыгын жарыя кылгандан тартып, аларга каршы куралдуу күрөш жүргүзүп келген өлкөдөгү “Талибан” кыймылы өз аракеттерин активдештирип, чабуул артынан чабуул жасоого өтүп, 12-августка карата 22 провинциянын 15 провинциясында өз бийликтерин орнотууга жетишкен болчу. Ошондо эле жакынкы күндөрү мамлекеттин борбору Кабулдун да тагдыры чечиле тургандыгы айкын болуп калган. Айткандай эле арадан үч күн өтүп-өтпөй – 15-августта Ооганстандын президенти Ашраф Гани өз кызматын таштап кетүү чечимине келип, өлкөдөн чыгып кетти. Азыркы күндө анын кай жерде экендиги белгисиз. Тажикстан менен Өзбекстан анын өз өлкөлөрүндө жок экендигин билдирип чыгышты. Ашраф Гани өзүнүн “Facebook” баракчасында мындай чечимге келүүсүнүн негизги себебин “эгерде мен бийликтен кетпесем алар мага жетүү үчүн алты миллион калк жашаган Кабулга чабуул жасап, бомбалай тургандыктарын ачык эле жарыя кылып чыгышкан соң, шаардын талкаланышын каалабадым жана адамдардын көп өлүмүнө алып келүүчү канга сабын болгум келген жок. Ошон үчүн өлкөдөн чыгып кетүү жагын ойлодум”, - деп жазып чыкты.

Ошентип, Ооганстанда расмий бийлик өтө тездик менен кулады. Талибанчылар 15-августта Кабулду алгандан кийин Президенттик сарайдын үстүнө өздөрүнүн туусун көтөрүшүп, бүткүл өлкө аймагында өз бийлигин орнотондугун, Ооганстандагы согуш аяктагандыгы тууралуу жарыя кылышты. Эксперттердин айтымында, жагдайдын ушундай болуп аяктай тургандыгы тээ 2001-жылдын декабрында АКШнын президенти Дж.Бушкичүүсү “Талибдердин режимининкүнү бүтүп баратат” деп ойлонбой туруп айтып алганында эле белгилүү боло баштаган. Ал эми 2021-жылдын 8-июлунда АКШнын азыркы президенти Джо Байден Буштун кетирген катачылыгын кайталаган. Ал “Талибдердин Ооганстанды басып алуусунун мүмкүнчүлүгү дээрлик жокко эсе. Анткени, талибдер 72 миң гана адамдан турса, ооган армиясын 300 000 адам түзөт, алар жакшы куралданган жана аларда авиация бар”, - деп билдирген. Мына ошол армия талибдердин чабуулдарына катуу каршылык көрсөтө албай, кыска убакытта эле бийликтин талибдердин колуна өтүшүнө мүмкүнчүлүк түзүп беришти. Натыйжада, бүгүнкү күнгө чейин АКШ Ооганстанда жыйырма жыл ичинде жашоого жөндөмдүү саясий системаны түзө албагандыгы анык болду. Себеби, СССР он жылдан соң өз армиясын бул өлкөдөн чыгарып кеткенден кийин андагы советтик режим калтырып кеткен жергиликтүү бийлик үч жылдай кармалып турган болсо, америкалыктар өлкөдөн чыгып кеткенден кийин алты айдан соң ооган бийлиги кулашы ыктымал деген божомолдору ишке ашпай, тескерисинче 31-августка чейин аскери толук чыгарылып бүткүчө эле Кабулду алдырышып, мурдагы макулдашуулары аткарылбай кала берди.

Эми талибанчылар толук бийликти алышкан соң Ооганстандын мындан аркы саясий системасы кандай багытта курулаары тууралуу билдирүүлөр менен чыга башташты. Алсак, жакынкы күндөрү өлкө Ооганстан Ислам Эмираты деп жарыялана тургандыгы айтылууда. Ошондой эле өткөөл мезгилдеги коалициялык өкмөттү түзүү мүмкүнчүлүгү да каралууда. Бирок, талибдер башка саясий күчтөрдүн өкүлдөрүнөн турган өткөөл коалициялык өкмөттү түзүүнү каалабай тургандыгы жана “толук бийликке” гана макул болушаары да болжолдонууда. Азырынча дүйнө жүзүнүн бир дагы өлкөсү талибанчылардын бийлигин тааныгандыктары тууралуу жарыя кылыша элек. Россия болсо бул маселеде шашылбай тургандыгын кулак кагыш кылды.

Кыргыз Республикасы да Ооганстандагы кырдаалга кылдат байкоо салып, тийиштүү органдар да тынымсыз мониторинг жасап жатышат. КР тышкы иштер министрлиги биздин өлкөнүн Ооганстандагы элчилиги кадимкидей иштеп жаткандыгын, анда турушкан 20 кыргызстандык 21-августка чейин чыгарылып кете тургандыгын билдирди. Ошол эле учурда Президент Садыр Жапаров да туруктуу негизде күн сайын окуялардын жүрүшүнө көз салып жаткандыгын Президенттин басма сөз кызматы да билдирип чыкты.

Таалайбек ТЕМИРОВ

«ЖЕР УЧАСТОКТОРУН КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2021-жылдын 23-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-берене

«Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2013-ж., №7, 902-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-берене төмөнкүдөй мазмундагы он тогузунчу бөлүк менен толукталсын:

«Айыл чарба өндүрүшүндө пайдалануу жараксыз жер участогу - мелиоративдик процесстерди жүргүзүүгө мүмкүн болбогон, айыл чарба техникасынын жеткиликтүүлүгү чектелген, жеке турак үйлөрдүн курулушуна, которуу жөнүндө чечим кабыл алынганына, максаттуу багыттагы - айыл чарба жер участогуна жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акт чыгарылганына байланыштуу аны максаттуу багыты боюнча натыйжалуу пайдалануу мүмкүнчүлүгү жокко чыгарылган контурдагы жер участогу.»;

2) 4-берененин 2-бөлүгүндө «айыл чарба жерлерин» деген сөздөр «чарба жерлеринин түрлөрүн» деген сөздөргө алмаштырылсын;

3) 5-берененин 4-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«4 «Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 2-бөлүгүнүн 13-пунктунда көрсөтүлгөн жерлерди которууда айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын жана алынбай калган пайдасынын орду толтурулбайт.

Инфратүзүмдү камсыз кылуу менен байланышкан чыгымдар которулуп (трансформацияланып) жаткан жеке менчик жер участокторунун менчик ээсине жүктөлөт.»;

4) 9-берененин 1-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы төртүнчү абзац менен толукталсын:

«Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 2-бөлүгүнүн 13-пунктунда көрсөтүлгөн жерлерди которууда жер участокторунун ээлери жерди которуп берүү жөнүндө райондун жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын туруктуу иштөөчү комиссиясына арыз беришет.»;

5) 12-берене төмөнкүдөй мазмундагы 5-бөлүк менен толукталсын:

«5. «Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 2-бөлүгүнүн 13-пунктунда көрсөтүлгөн жерлерди которуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте жүзөгө ашырылат.»;

6) 20-берененин 1-бөлүгүндө «12-пунктунда» деген сөздөр «12 жана 13-пункттарында» деген сөздөргө алмаштырылсын.

2-берене

Ушул Мыйзамдын колдонулушу сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизилгенден кийин айыл чарбасына багытталган жерлерге имараттардын жана курулмалардын мыйзамсыз курулушу үчүн шарт түзүп берген жактарды жоопкерчиликтен бошотпойт.

3-берене

Ушул Мыйзам жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

4-берене

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети эки айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2021-жылдын 13-августу, №100

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О ПЕРЕВОДЕ (ТРАНСФОРМАЦИИ) ЗЕМЕЛЬНЫХ УЧАСТКОВ»

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 23 июня 2021 года

Статья 1

Внести в Закон Кыргызской Республики «О переводе (трансформации) земельных участков» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2013 г., №7, ст. 902) следующие изменения:

1) статью 1 дополнить абзацем девятнадцатым следующего содержания:

«Земельный участок, непригодный для использования в сельскохозяйственном производстве - земельный участок контура, невозможный для проведения мелиоративных процессов, ограниченный для доступа сельскохозяйственной техники, исключающий возможность его эффективного использования по целевому назначению в связи со строительством индивидуальных жилых домов, с принятием решений о переводе, выдачей государственного акта о праве частной собственности на земельный участок с целевым назначением – сельскохозяйственный.»;

2) в части 2 статьи 4 слова «сельскохозяйственных земель» заменить словами «сельскохозяйственных видов угодий»;

3) часть 4 статьи 5 изложить в следующей редакции:

«4. Потери и упущенная выгода сельскохозяйственного производства не возмещаются при переводе земель, указанных в пункте 13 части 2 статьи 1 Закона Кыргызской Республики «О введении моратория на перевод (трансформацию) орошаемых земель пашни в другие категории земель и виды угодий».

Затраты, связанные с обеспечением инфраструктуры, возлагаются на собственника переводимых (трансформируемых) частных земельных участков.»;

4) часть 1 статьи 9 дополнить абзацем четвертым следующего содержания:

«При переводе земель, указанных в пункте 13 части 2 статьи 1 Закона Кыргызской Республики «О введении моратория на перевод (трансформацию) орошаемых земель пашни в другие категории земель и виды угодий», собственники земельных участков подают заявление о переводе земель в постоянно действующую комиссию местной государственной администрации района.»;

5) статью 12 дополнить частью 5 следующего содержания:

«5. Перевод земель, указанных в пункте 13 части 2 статьи 1 Закона Кыргызской Республики «О введении моратория на перевод (трансформацию) орошаемых земель пашни в другие категории земель и виды угодий», осуществляется в порядке, определяемом Кабинетом Министров Кыргызской Республики.»;

6) в части 1 статьи 20 слова «в пункте 12» заменить словами «в пунктах 12 и 13».

Статья 2

Действие настоящего Закона не освобождает от ответственности лиц, создавших условия для незаконного строительства зданий и сооружений на землях сельскохозяйственного назначения после введения, моратория на перевод (трансформацию) орошаемых земель пашни в другие категории земель и виды угодий.

Статья 3

Настоящий Закон вступает в силу со дня опубликования.

Статья 4

Кабинету Министров Кыргызской Республики в двухмесячный срок привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.

Президент Кыргызской Республики **С.ЖАПАРОВ**

г.Бишкек, 13 августа 2021 года, №100

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Билим берүүнүн сапатын камсыздоо, өлкөдөгү эпидемиологиялык кырдаалды эске алуу менен офлайн окутууга этабы менен өтүү, ошондой эле туризмди өнүктүрүүгө ыңгайлуу шарттарды түзүү максатында, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 25-апрелиндеги №245 «Баштапкы кесиптик билим берүү системаларынын иштерин жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актылар жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Баштапкы кесиптик билим берүүнүн билим берүүчү уюмдары жөнүндө типтүү жободо:

- 11-пунктундагы «1» деген цифра «15» деген цифралар менен алмаштырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы №53 «Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку жана орто кесиптик билим берүүчү уюмдарынын иш-аракеттерин жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларын бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Кесиптик орто билим берүүчү уюмдары жөнүндө жободо:

- 3.4-пунктундагы «1» деген цифра «15» деген цифралар менен алмаштырылсын.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 12-сентябрындагы №541 «Жалпы билим берүү уюму жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Жалпы билим берүү уюму жөнүндө типтүү жободо:

- 33-пунктунун биринчи абзацындагы «1» деген цифра «15» деген цифралар менен алмаштырылсын.

4. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин жана бул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын билим берүү, илим, маданият, спорт жана жаштар бөлүмүнө жүктөлсүн.

6. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Төрага **У.МАРИПОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 11-августу, №121

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 23-июнундагы №41 "Кыргыз Республикасынан айыл чарба товарларынын айрым түрлөрүн ташып чыгууга (экспорттоого) убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- 1-пунктунун үчүнчү абзацындагы "бажы" деген сөз алып салынсын;

- жогоруда аталган токтомдун 2-тиркемесиндеги тизмектин аталышындагы "бажы" деген сөз алып салынсын.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-июнундагы №42 "Азык-түлүк товарларына рыноктук бааларды турукташтыруу максатында кошумча наркка нөл (0) пайыз ставкасы боюнча салык салынуучу товарлар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- преамбуласы төмөнкүдөй редакцияда берилсин:

"Азык-түлүк товарларына рыноктук бааларды турукташтыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 29-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:";

- 1-пунктунун 1-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1) 2021-жылдын 1-июлу - 31-августунда - кумшекер (ЕАЭБ ТЭИ ТН 1701 99 100 коду), иштетилбеген тростник канты (ЕАЭБ ТЭИ ТН 1701 13 жана 1701 14 коддору), рафинаддалган же рафинаддалбаган, бирок химиялык курамы өзгөртүлбөгөн өсүмдүк сафлор же пахта майы жана алардын фракциялары (ЕАЭБ ТЭИ ТН 1512 коду) үчүн;".

3. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Төрага **У.МАРИПОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 12-августу, №123

"ШУМКАР" ТРАНСУЛУТТУК КОРПОРАЦИЯСЫ" АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУН ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Учкучсуз учуучу аппараттардын системасын өндүрүү боюнча инвестициялык долбоорду ишке ашыруу максатында, "Акционердик коомдор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-статьясына, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте уставдык капиталда мамлекеттин 100 пайыз катышуусу менен "Шумкар" трансулуттук корпорациясы" ачык акционердик коому түзүлсүн.

2. Кыргыз Республикасынын Инвестициялар министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонд белгиленген тартипте:

1) бир акциясынын номиналдык наркы 100 (бир жүз) сом болгон 1000 (бир миң) даана жөнөкөй энчилүү акцияларга бөлүнгөн 100 000 (жүз миң) сом өлчөмүндөгү уставдык капиталын аныктоо менен "Шумкар" трансулуттук корпорациясы" ачык акционердик коомунун уюштуруучусу болуп чыксын;

2) коргоо өнөр жайы, аскердик жана жарандык авиация чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдар менен макулдашуу боюнча "Шумкар" трансулуттук корпорациясы" ачык акционердик коомунун уставын бекитсин;

3) "Шумкар" трансулуттук корпорациясы" ачык акционердик коомун Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоону жүргүзсүн;

4) “Шумкар” трансулуттук корпорациясы" ачык акционердик коомунун акцияларын уюштуруучулук чыгарууну баалуу кагаздар рыногун жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда мамлекеттик каттоону жүргүзсүн;

5) Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы менен биргеликте коммуналдык жана эксплуатациялык чыгымдарды төлөө менен акысыз пайдалануу келишиминин шарттарында "Шумкар" трансулуттук корпорациясы" ачык акционердик коомун жайгаштыруу жөнүндө маселени иштеп чыксын.

3. Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлиги:

1) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин макулдугу менен "Шумкар" трансулуттук корпорациясы" ачык акционердик коомунун уставдык капиталын түзүү үчүн Кыргыз Республикасынын Инвестициялар министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондго 100000 (жүз миң) сом өлчөмүндөгү акча каражатын бөлүп берсин;

2) "Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун даярдоодо тийиштүү өзгөртүүлөрдү карасын.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын экономика жана финансы бөлүмүнө жүктөлсүн.

5. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Төрага **У.МАРИПОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 12-августу, №126

Сөздөн – ишке

КОРРУПЦИЯ МЕНЕН ТЫНЫМСЫЗ КҮРӨШ ЖҮРГҮЗҮЛӨТ

Үстүбүздөгү жылдын 23-июнунда Мамлекет башчысы бизнес-коомчулук өкүлдөрү менен жолугушуу өткөрүп, анда ишкерлер тараптан бир катар көйгөйлөр менен бизнес-чөйрөнү жакшыртуу боюнча сунуштар айтылган. Президент Садыр Жапаров бизнес-коомчулуктун сунуштарын угуп, жакынкы аралыкта Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Антикоррупциялык ишкердик кеңеши түзүлөөрүн белгилеген болчу.

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун 8-июлдагы жарлыгына ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Антикоррупциялык ишкердик кеңеши түзүлгөн. Аталган кеңештин негизги максаты - коррупцияга каршы аракеттенүү жаатындагы мамлекеттик саясаттын негизги багыттарын өркүндөтүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү маселелери боюнча мамлекеттик бийлик органдары менен жарандык коомдун ортосундагы натыйжалуу диалогду камсыз кылуу, ошондой эле бизнести өнүктүрүү, инвестициялык климатты жана ишкердик субъектилеринин ишин коргоо жана колдоо механизмдерин жакшыртуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү.

Антикоррупциялык ишкердик кеңештин жарандык коомдун өкүлдөрү менен болгон биринчи жыйыны өттү. Анда кандай орчундуу маселелер көтөрүлдү?

Нурипа МУКАНОВА,
КР Президентине караштуу Антикоррупциялык ишкердик кеңештин төрайымы:

«КОРРУПЦИЯ МЕНЕН КҮРӨШҮҮ ҮЧҮН БҮТҮНДӨЙ БИР СИСТЕМА МЕНЕН КҮРӨШҮҮ КЕРЕК»

- Биздин кеңештин негизги максаты - коомчулуктун пикирин, коррупцияга байланышкан көйгөйлөрдү бийликке, тактап айтканда Президентке түздөн-түз жеткирүү. Өлкө башчысы жарандык коомдун колдоосу болбосо өзү жалгыз жемкорлук менен күрөшө албайт. Анткени, коррупция менен күрөшүү үчүн 30 жылдан бери тамырын жайып, дээрлик бардык маанилүү тармактарды курчап алган системаны түп-тамырынан жок кылышыбыз керек. Моюнга алышыбыз керек, жемкорлук адамдардын аң-сезимине, күнүмдүк жашообузга сиңип калган. Ал денеңди уулаган жаман дарт сыяктуу мамлекетибизди өстүрбөй, кайра артка тартууда. Биз аны дароо эле жок кыла албасак дагы, кол куушуруп отурбастан, системалык түрдө күрөш жүргүзүшүбүз керек.

Учурда КРда 24 миңден ашуун бейөкмөт уюм иш алып барат, бирок Кеңештин курамына коррупция боюнча так, конкреттүү сунуштарын билдирген уюмдар гана мүчө болуп кире алышат.

Коррупция менен күрөшүү - дүйнө жүзүндө актуалдуу маселе. Биз дагы «Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып», жемкорлукка каршы бирдиктүү иш-аракеттерди жүргүзгөндө гана аны жеңе алабыз.

Турсунбек АКУН,
укук коргоочу:

«БИЛИМ БЕРҮҮ, САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО ТАРМАГЫНДАГЫ КОРРУПЦИЯ МЕНЕН КҮРӨШҮҮГӨ БАСЫМ ЖАСАЙЛЫ»

- Азыр дүйнө жүзү күрөшүп жаткан коронавирус илдети КРдагы саламаттыкты сактоо системасындагы көйгөйлөрдү дагы бир жолу ачыктап, оркойгон кемчиликтерди көрсөттү. Канчалаган адамдар коронавирустан каза болушту. Бул да болсо саламаттыкты сактоо системасында орун алып келген жемкорлуктун кесепети. Дагы бир орчундуу маселе - билим берүү тармагындагы коррупция. Ачыгын айтыш керек, учурда балдарыбыздын билим деңгээли төмөндөп кетти. Себеби, бул тармакта коррупция терең тамырлашып байыр алып алган. Мына ушуларга кылдат көңүл буруп, маселелерди анализдеп чыгып, жемкорлук эмнеден улам келип чыгат, аны чечүүнүн жолдору кандай экенин талдап, Президентке конкреттүү сунуштарды беришибиз керек.

Ялкун ДАУТОВ,
ИИМдин коомдук кеңешинин төрагасы:

«АЙДООЧУЛУК КҮБӨЛҮКТӨРДҮ САТУУ МЕНЕН БАЙЛАНЫШКАН КОРРУПЦИЯ АДАМДАРДЫН ӨЛҮМҮНӨ СЕБЕПКЕР БОЛУУДА»

- КРде 235 айдоочуларды даярдоочу автомектептер бар, алардын 119у былтыр лицензия талаптарына туура келбегендиги үчүн эскертүү алышкан. Ал эми жол кырсыктарына күнөөкөр болгон айдоочуларды сураштырганда, алардын 50-70 пайызы айдоочулук күбөлүктү алгандарына бир жыл гана болгондугун айтышкан. Айдоочулук күбөлүктү сатуу да өзүнчө бир чоң коррупциянын очогу болуп калганын эч ким тана албайт. Көпчүлүк жарандар автомектептерде сапаттуу билим албай, жол эрежелерин толук билбей туруп, айдоочулук күбөлүктү сатып алышып, жыйынтыгында бейкүнөө адамдардын өлүмүнө себепкер болуп жатышат.

Менин сунушум, жеке менчик автомектептердин ишин көзөмөлгө алып, алардын санын кыскартып, мамлекеттин карамагына өткөрүп, айдоочулук күбөлүктөрдү сатуудагы коррупциялык схемаларды түп орду менен жоготуу зарыл.

Ыргалай БЕКМУРАТОВА:
«Мээр жазы» коомдук уюмунун төрайымы:

«ЛЮСТРАЦИЯ МЫЙЗАМЫН КАБЫЛ АЛУУ КЕРЕК»

- Эгемендүүлүктү алгандан бери бийликке баягы эле адамдардын келип жаткандыгы кыжырды бир келтирсе, эми алардын бала-чакасы, урук-туугандары келип жаткандыгы зээнди кейитпей койбойт. Алардын билими барбы, жокпу, элдин көйгөйүн чечеби, жокпу, эч кимди кызыктырбайт. Алардын максаты карапайым адамдардын балдарын бийликке жолотпой, эптеп дипломду сатып алып, өз балдарын кызматка коюу. Буга болуп өткөн жергиликтүү кеңештин шайлоолору мисал. Алыс барбай эле Бишкек шаардык кеңешинин курамын карасаңар, ал жакта бардыгы эле мурда бийликте отурган адамдардын балдары. Бул бардык тармактардагы эле көрүнүш.

Жеңиш МАГЗИМОВ,
ИИМ ардагери:

«СОТ СИСТЕМАСЫНДАГЫ КОРРУПЦИЯНЫ ЖОГОТУУ ЗАРЫЛ»

- Коррупция тамырлашып кеткен тармактардын бири катары сот системасын мисалга алсак болот. Союз убагында сотторго прокурор, Президиум, Жогорку Соттун Президиуму, пленуму көзөмөл кылса, учурда соттордун ишин караган атайын орган жок. Президент элге отчёт берсе да, соттор эч кимге отчёт беришпейт. Алар өзүн-өзү билип, өтүгүн төргө илген заман. Ошондуктан, бул тармакта коррупция терең жайылып, адамдардын тагдырын каалагандай калчап көнүшкөн. Андыктан, Президенттин алдындагы Антикоррупциялык Кеңеш бул маселеге өзгөчө көңүл бурушу зарыл.

Альбина МЕТЕРОВА

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2013-ЖЫЛДЫН 6-МАЙЫНДАГЫ №244 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КӨРҮНҮКТҮҮ ИШМЕРЛЕРИНИН ЭЛЕСИН ТҮБӨЛҮККӨ КАЛТЫРУУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АЛДЫНДАГЫ КОМИССИЯ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин органдарынын системасын өзгөртүп түзүүгө байланыштуу, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 6-майындагы №244 "Кыргыз Республикасынын көрүнүктүү ишмерлеринин элесин түбөлүккө калтыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы комиссия жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- аталышындагы жана 2-пунктундагы "Өкмөтүнүн алдындагы" деген сөздөр "Министрлер Кабинетинин алдындагы" деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- 1-пункту күчүн жоготту деп таанылсын;
- 3-пунктундагы "Өкмөтүнүн Аппаратынын билим берүү, маданият жана спорт" деген сөздөр "Президентинин Администрациясынын билим берүү, илим, маданият, спорт жана жаштар" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын көрүнүктүү ишмерлеринин элесин түбөлүккө калтыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы комиссия жөнүндө жободо:

- аталышындагы жана 1-пунктундагы "Өкмөтүнүн алдындагы" деген сөздөр "Министрлер Кабинетинин алдындагы" деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- 4-пунктунун экинчи абзацындагы, 5-пунктунун төртүнчү абзацындагы, 20-пунктундагы ар түрдүү жөндөмөлөрдөгү "Өкмөт" деген сөз тиешелүү жөндөмөлөрдөгү "Министрлер Кабинети" деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- 6-пункту төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

"Комиссиянын курамы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын тескемеси менен бекитилет.";

- 7-пунктунун экинчи абзацындагы "Өкмөтүнүн" деген сөз "Президентинин Администрациясынын" деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- 8-пунктундагы "анын жумушчу органы болгон - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын" деген сөздөр "Катчылык – Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын" деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- 12-пунктунун биринчи жана экинчи абзацтары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"12. Көрүнүктүү ишмерлердин элесин түбөлүккө калтыруу жөнүндө өтүнүч каттар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун, райондордун, шаарлардын тиешелүү органдары, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, Бишкек жана Ош шаарларынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашуудан кийин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине алдын ала киргизилет. Келип түшкөн өтүнүч каттар жана тиркелген материалдар келип түшкөн учурдан тартып үч айдан кечиктирбей Комиссия тарабынан каралат. Бардык материалдар мамлекеттик жана расмий тилдерде киргизилет.

Зарыл болгон макулдашуулар жок болсо, ошондой эле ушул Жобонун 11, 12 жана 16-пункттарынын талаптарына ылайык келбесе, Кыргыз Республикасынын көрүнүктүү ишмерлеринин элесин түбөлүккө калтыруу жөнүндө өтүнүч каттар канааттандыруудан баш тартылат.";

- 13-пунктундагы "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын профилдик бөлүмү" деген сөздөр "Комиссиянын катчылыгы" деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- 15-пунктунун алтынчы абзацы "менчиктин мамлекеттик" деген сөздөрдөн кийин "же муниципалдык" деген сөздөр менен толукталсын;
- 17-пункту күчүн жоготту деп таанылсын.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Төрага **У.МАРИПОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 13-августу, №130

Т.Н.САРЫБАШОВ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ТӨРАГАСЫНЫН

ТЕСКЕМЕСИ

"Борбордун статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 24-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарынын мэринин милдетин аткаруучу Сарыбашов Таалайбек Насирбекович берген арызына ылайык ээлеген кызматынан бошотулсун.

Төрага **У.МАРИПОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 12-августу, №294

А.Д.ДЖУНУШАЛИЕВ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ТӨРАГАСЫНЫН

ТЕСКЕМЕСИ

"Борбордун статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 24-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарынын жаңы мэри шайланганга чейин Джунушалиев Айбек Джанышбекович Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарынын мэринин милдетин аткаруучу болуп дайындалсын.

Төрага **У.МАРИПОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 12-августу, №295

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Шайлоо системасынын программалык-аппараттык каражаттарынын үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыз кылуу жана шайлоону техникалык даярдоого, шайлоо технологияларын жана автоматташтыруу каражаттарын өркүндөтүүгө байланышкан иш-чараларды өткөрүү үчүн Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын натыйжалуу иши үчүн зарыл шарттарды түзүү максатында, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 1-июлундагы №398 «Улуттук коргонууга, улуттук коопсуздукка, мамлекеттик сырды коргоого жана жаратылыш кырсыктарынын кесепеттерин жоюуга байланышкан товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуунун тартибин бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- 2-пунктунун биринчи, экинчи абзацтары «Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы (макулдашуу боюнча),» деген сөздөрдөн кийин «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (макулдашуу боюнча),» деген сөздөр менен толукталсын;
- 4-пункту «Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы (макулдашуу боюнча),» деген сөздөрдөн кийин «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (макулдашуу боюнча),» деген сөздөр менен толукталсын;
- аталган токтом менен бекитилген Улуттук коргонууга, улуттук коопсуздукка, мамлекеттик сырды коргоого жана жаратылыш кырсыктарынын кесепеттерин жоюуга байланышкан товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууну ишке ашыруу тартибинде:
- 4-пункту төмөнкүдөй мазмундагы алтынчы абзац менен толукталсын:

«- Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын шайлоо процесстеринде колдонулуучу программалык камсыз кылууну жана шайлоо жабдууларын жана анын комплекттөөчүлөрүн иштеп чыгууга, өркүндөтүүгө, ишке киргизүүгө жана коштоого байланышкан товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууну жүргүзүүдө;»;

- 5-пункту «Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы (макулдашуу боюнча),» деген сөздөрдөн кийин «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (макулдашуу боюнча),» деген сөздөр менен толукталсын.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Төрага **У.МАРИПОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 12-августу, №127

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИН КҮЧҮН ЖОГОТТУ ДЕП ТААНУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 15-сентябрындагы №530 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө" токтомун ишке ашыруунун алкагында, "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 31-декабрындагы №721 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана мекемелеринин ички аудиторлорунун этикалык стандарттарын бекитүү тууралуу" токтомунун 2-пункту;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 3-июнундагы №296 "Кыргыз Республикасындагы Ички аудиттин стандарттарын бекитүү жөнүндө" токтому.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Төрага **У.МАРИПОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 13-августу, №129

МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮН ТИЗМЕСИ ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮН СТАНДАРТТАРЫ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Жарандарга жана юридикалык жактарга көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу боюнча милдеттерди ишке ашыруу максатында, «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 17-декабрындагы №64 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруусуна санариптик технологияларды киргизүүнү активдештирүү боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө» Жарлыгына, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 «Мамлекеттик органдар, алардын түзүмдүк бөлүмдөрү жана ведомстволук мекемелери тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын Бирдиктүү реестрин (тизмесин) бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик органдар, алардын структуралык бөлүктөрү жана ведомстволук мекемелери тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү системалаштырылган реестринде (тизмегинде):

- бүткүл тексти боюнча «МТБМК» жана «Мамкаттоо» деген аббревиатуралар «СӨР» деген аббревиатура менен алмаштырылсын;

«Каттоо, маалымат кат, күбөлүк жана башка документтерди, ошондой эле алардын көчүрмөлөрүн жана дубликаттарын берүү тейлөөлөр» деген 4-главасында:

15-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

15	Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрүндө жана консулдук мекемелеринде идентификациялык картаны – Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортун (ID-карта) берүү	ТИМ	ТИМ	Акы төлөнөт

";

төмөнкүдөй мазмундагы 15^1-пункт менен толукталсын:

"

15^1	Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрүндө жана консулдук мекемелеринде Кыргыз Республикасынын жаранынын жалпы жарандык паспортун берүү	ТИМ	ТИМ	Акы төлөнөт

";

"Бул тейлөөлөрдү көрсөтүүчү мамлекеттик органдар жана уюмдар" графасындагы 85-пункту "СӨР" деген аббревиатурадан кийин ", ТИМ" деген аббревиатура менен толукталсын;

- «Маалымат менен камсыздоо тейлөөлөрү» деген 6-главасында:

- 13, 15-пункттарынын «Мамлекеттик (акы төлөнүүчү же акысыз) тейлөө көрсөтүүнүн шарттары» деген графасындагы «Акы төлөнөт» деген сөздөр «Акысыз» деген сөз менен алмаштырылсын;
- төмөнкүдөй мазмундагы 37^1, 38^1 жана 64-пункттар менен толукталсын:

"

37^1	Жалпыга маалымдоо каражаттарынын мамлекеттик реестринен маалыматты шашылыш берүү	ЮМ	ЮМ	Акы төлөнөт

";

"

38^1	Юридикалык жактардын, филиалдардын (өкүлчүлүктөрдүн) Бирдиктүү мамлекеттик реестринен көчүрмөлөрдү шашылыш берүү	ЮМ	ЮМ	Акы төлөнөт

";

"

64	Хронологиялык тартипте юридикалык жак, филиал (өкүлчүлүк) жөнүндө архивдик документтерден көчүрмөлөрдү шашылыш берүү	ЮМ	ЮМ	Акы төлөнөт

";

- "Башка кызмат көрсөтүүлөр" деген 9-главасында:

5-пунктунун «Мамлекеттик (акы төлөнүүчү же акысыз) тейлөө көрсөтүүнүн шарттары)» деген графасындагы «Акы төлөнөт» деген сөздөр «Акысыз» деген сөз менен алмаштырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 3-июнундагы №303 «Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүнүштөрү жана ведомстволук мекемелери тарабынан жеке жана юридикалык жактарга берилүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын бекитүү жөнүндө» токтомуна тиркемеге ылайык өзгөртүүлөр киргизилсин.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-декабрындагы №819 «Квалификациялык сынактарды кабыл алуу, айдоочулук күбөлүктөрдү жана тракторист-машинисттин күбөлүктөрүн берүү эрежелерин бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

аталган токтом менен бекитилген Квалификациялык сынактарды кабыл алуу жана айдоочулук күбөлүктөрдү берүү эрежелеринде:

- 3-пунктунун үчүнчү абзацындагы «мыйзамдарына ылайык мамлекеттик алым төлөнөт» деген сөздөр «мыйзамдарында каралган каражаттар алынат» деген сөздөр менен алмаштырылсын.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Төрага **У.МАРИПОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 12-августу, №125

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЧҮЙ ОБЛУСУНДАГЫ КЕМИН РАЙОНУНУН КЫЗЫЛ-ОКТЯБРЬ АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР УЧАСТОГУН «ШАНФЭН ЗЭТ ЦЕМЕНТ» ЖООПКЕРЧИЛИГИ ЧЕКТЕЛГЕН КООМУНА ИЖАРА ШАРТЫНДА МӨӨНӨТТҮҮ (УБАКТЫЛУУ) ПАЙДАЛАНУУГА БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Цемент заводунун аймагын кеңейтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 5 жана 20-беренелерине, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Чүй облусундагы Кемин районунун мамлекеттик администрациясынын 2021-жылдын 4-августундагы №196-т тескемесин көңүлгө алуу менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Чүй облусундагы Кемин районунун Кызыл-Октябрь айыл аймагындагы №1064/16,9 контурунда жайгашкан, «Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер» категориясына таандык болгон аянты 13,64 га жер участогу «ШАНФЭН ЗЭТ ЦЕМЕНТ» жоопкерчилиги чектелген коомуна өнөр жай багытындагы объекттерди куруу үчүн 49 жылдык мөөнөткө ижара шартында мөөнөттүү (убактылуу) пайдалануурга берилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Чүй облусундагы Кемин районунун мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

- бул токтомдун 1-пунктунда аталган жер участогуна «ШАНФЭН ЗЭТ ЦЕМЕНТ» жоопкерчилиги чектелген коому менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ижара келишимин түзүүнү;
- жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;
- бул токтомдун 1-пунктунда аталган жерлерге шаар куруу документтерин иштеп чыгууну жана бекитүүнү;
- бул токтомдун 1-пунктунда аталган жерлерди максаттуу багыты боюнча пайдалануу.

3. «ШАНФЭН ЗЭТ ЦЕМЕНТ» жоопкерчилиги чектелген коомуна белгиленген тартипте төмөнкүлөрдү камсыздоо сунушталсын:

- жогорку чыңалуудагы электр берүү линияларын алып салуу же куруу зарыл болгон учурда жумуштарды каржылоону;
- бул токтомдун 1-пунктунда аталган жер участогунда тарыхый-маданий мурас объектилери аныкталган учурда аларды сактоону;
- бул токтомдун 1-пунктунда аталган жерлерди максаттуу багыты боюнча пайдалануу.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын агроөнөр жай комплекси жана экология бөлүмүнө жүктөлсүн.

5. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Төрага **У.МАРИПОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 12-августу, №128

Отчёт ОсОО «Баркад»

о выплате процентного дохода по первой эмиссии облигаций за 3-й процентный период по состоянию на 13.08.2021 г. (с 30.07.21 по 13.08.21)

Общее кол-во владельцев облигаций (физ. и юр. лица)	222
Общая сумма начисленных доходов, сом	3 448 504,44
Общее кол-во владельцев облигаций, получивших доходы, (физ. и юр. лица)	168
Общая сумма выплаченных доходов по облигациям, сом	3 207 478,65
Кол-во владельцов облигаций, по которым не выплачены доходы, (физ. и юр. лица)	54
Кол-во облигаций, по которым не выплачены доходы, экз.	6 691
Причина выплаты	неявка облигационера

С/О-167

В связи с утерей гос. акта серии №060325 (от 10.01.2006 года) на имя Эшалиевой Маралкул Эсенкуловны считать недействительным.

Н-352

Диканбаева Бүбүшкө тиешелүү жер үлүшүнөн пайдалануурга укук берүүчү күбөлүк №7-05-14-0005-0576 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Н-353

■ Шайлоону утурлай

Ушул жылдын 26-августунда Бишкек шаары менен Ош шаарында калаа мэрин шайлоо болуп өтөт. Гезиттин өткөн санында Бишкек шаарынын мэрлери тууралуу макала жарыялаганбыз. Бул жолу 1991-жылдан тарта Ош шаарын башкарып келген жетекчилер туурасында кеп кылмакчыбыз. Эскерте кетчү нерсе, түштүк борбордо өлкө эгемендүүлүк алгандан кийин 1991-жылы Ош шаардык мамлекеттик администрациясы түзүлгөн. Анткени, ал учурда Ош "Республикалык деңгээлдеги шаар" макамын ала элек болчу. Ош шаарына "Республикалык деңгээлдеги шаар" макамы 2003-жылы гана ыйгарылган. Ошондон кийин гана Ош шаардык мэриясы түзүлгөн.

ОШКО ИШТИ УЛАНТКАН МЭР КЕРЕК

ОШТУ КИМДЕР БАШКАРГАН?

1991-жылы өлкө эгемендүүлүк алгандан кийин Ош шаарынын биринчи шаар башчысы болуп Абдуманап Мамыров дайындалган. Анын убагында Ош шаардык мамлекеттик администрациясы түзүлгөн. Ош шаардык мамлекеттик администрациясынын тарыхында Абдуманап Мамыров шаардагы өнөр жай ишканаларын токтотпой иштетүү вазийпасын жакшы аткарган. Талапты катуу койгон, жакшы иштеген жетекчи катары элдин эсинде калган. Ал Ошту башкарып турган кезинде Токмок шаарынын жетекчилигине ротацияланып кетет.

Анын ордуна Токмок шаардык мамлекеттик администрациясынын башчысы Медетбек Керимкулов ротацияланып келет. Бирок, Медетбек Керимкулов 1 жыл эле кызматта туруп, шаар башчысын шайлоо өнөктүгүндө талапкерлигин коюп өтпөй калат. Ошентип, 1995-жылы Керимкулов кызматтан кетет.

1995-жылы бош калган шаар жетекчисинин ордуна Мукамбет Алыкулов милдетин аткаруучу катары дайындалат. Ал 1 жыл гана иштейт. Бирок, Ош шаарын "Манас" эпосунун 1000 жылдыгынын мааракесине даярдоо иштерин кызуу баштаган. Алыкулов Таласка Ош шаарын мыкты деңгээлдеги уюштуруучулук менен алып баргандыгы менен шаардыктардын эсинде калган. "Манас" эпосунун 1000 жылдыгынын мааракесинде Ош шаары 3 кабаттуу боз үйү менен боз үйлөр сынагын жеңип алган.

1996-жылы Ош шаардык мамлекеттик администрациясын башкарууга Жолдошбек Раимбеков дайындалат. Бул жетекчинин тушунда Ошто көп жакшы саамалыктар болгон. Элдин социалдык абалына көңүл бурган жетекчи болгон, – дешет шаардыктар. Анын экинчи борбор калааны өнүктүрүүдө эмгеги зор деп айтылып жүрөт. Коммуналдык кызматтарды жакшыртууга аракеттер башталган. Ош шаарынын 3000 жылдыгын жогорку деңгээлде уюштуруу иштерин баштаган. Жолдошбек Раимбеков башчылык кызматтан 1998-жылы кеткен. Ал Ошту дүйнө элине таанытууга, туристтерди тартууга көп аракет жасаган.

1998-1999-жылдары Ош шаарын Абдужапар Тагаев башкарган. Абдужапар Тагаев мурда байланыш министри болуп эмгектенгендиктен, шаарды компьютерлештирүүнү колго алат. Алгач шаар башчылыгынын администрациясы компьютерлештирилет. Андан кийин мектептерди компьютерлештирүүгө киришет.

1999-2000-жылдары калааны Жусупбек Шарипов башкарган. Анын жетекчилиги астында Оштун 3000 жылдыгы өткөрүлгөн. Шариповдун убагында бул мааракени уюштуруу үчүн жаңы имараттар курулуп, шаардагы көп кабаттуу үйлөр иретке келтирилген. «Сулайман-Тоо» улуттук тарыхый-археологиялык музей комплекси курулган.

2000-2003-жылдары Ош шаарын Жантөрө Сатыбалдиев башкарган. Анын убагында Ош шаары облуска эмес, республикага түз баш ийе турган шаарга айланып, "республикалык деңгээлдеги шаар" макамына ээ болгон. Бул маселе боюнча Өкмөттүн токтому чыгып, 2003-жылы өзгөртүүлөр киргизилген конституцияда Ош шаарынын мамлекеттик администрациясы мэрияга айланат. Жантөрө Сатыбалдиев ошентип шаардын биринчи мэри болуп калат. Анда республикалык деңгээлдеги Ош шаарынын жергиликтүү бюджети 200 млн сомдон 400 млн сомго көтөрүлгөн.

2003-жылы шаарга экинчи мэр болуп Сатыбалды Чырмашев келген. Чырмашев Ошто Алымбек Датканын эстелигин тургузган мэр катары эсте калган. Ал 2005-жылдагы «Жоогазын» революциясынан кийин кызматынан түшкөн.

2005-2009-жылдары Оштун мэри болуп Жумадыл Исаков иштеген. Анын башкаруусунда олуттуу өзгөрүү болгон эмес дешет жергиликтүү калк.

2009-2013-жылдары Ош шаарын Мелис Мырзакматов башкарды. Ош шаарынын эгемендүүлүк жылдарынан кийинки тарыхында эң мыкты мэр болгон деген сөздөр айтылып жүрөт. Мелис Мырзакматовдун тушунда шаардагы мыйзамсыз курулуштар жок кылынган. Социалдык объектилер курулган. Бирок, бул мэрдин тушунда Ош шаарында кандуу Ош окуясы кайталанган. Аны басууга бул мэрдин да аракети күч болгон. Ошентсе да, шаарды кандуу калабадан кийин башкарып, 500 млн сомго жетпеген жергиликтүү бюджетти миллиард сомдон ашырган.

Мелис Мырзакматовдон кийин 2013-жылы Ошту Айтмамат Кадырбаев башкарды. Анын башкаруусунда Ош шаарында көп социалдык курулуштар ишке ашкан. Алгачкы эстакадалык көпүрө, Ак-Буура дарыясын кесип өткөн дагы эки көпүрө салынган. Албетте ал көпүрөлөр тууралуу кийин көп сөздөр айтылып, алардын сапаты боюнча маселелер жаралган. Ошентсе да Айтмамат Кадырбаев мурдагы мэр Мелис Мырзакматовдун бүтпөй калган иштерин улантты деп айтылып жүрөт. Айтмамат Кадырбаев 2018-жылы кызматтан кетти.

2018-жылы мэрликке шайланып келген Таалайбек Сарыбашев да Ош шаарын өнүктүрүүгө өз салымын кошкон мэр катары сыпатталып жүрөт. Анын башкаруусунда шаарда көп кабаттуу үйлөр курулуп, бир топ өзгөрүү байкалган. Ал жөнөкөй жана эл менен тыгыз иштешкен жетекчи боло алгандыгын шаардыктар айтышат. Сарыбашевдин мындай башкаруу сапаты пандемия учурунда даана билинген. 2020-жылы Октябрь окуяларынан кийин ал шаардык кеңештин депутаттарынын кысымынын алдында кызматын таштап кеткен.

Октябрь окуяларынан кийин Ош шаарынын мэр кызматына убактылуу ЖК депутаты Дүйшөнкул Төрөкулов келген. Ал бул кызматка өз алдынча келип олтуруп алган.

Өлкөдө бийлик алмашкандан кийинки мезгилде Ош шаарын экс-мэр Мелис Мырзакматов келип башкарат экен деген кептер тараган. Бирок, Түркиядан Ошко келген Мелис Мырзакматов эл менен жолугуу үчүн гана келгенин айтып, кызматтан баш тартат жана Сарыбашевдин шаарды башкаруусу туура болот деген пикирин билдирет.

Ошентип, өлкө башчысы Садыр Жапаровдун бардык мэрлер кайра кызмат орундарына кайтсын деген буйругу менен Таалайбек Сарыбашев кызматына кайтат.

Сарыбашев ушул жылдын 2-августунда Бишкек шаарынын мэриясына ротацияланып, борбор калаанын мэрлигин өз каалоосу менен тапшырып берди.

Ош шаарына болсо Алмаз Мамбетов дайындалды. Ал 2020-жылдагы октябрь окуяларынан кийин Президенттин иш башкармалыгын жетектеген.

ШААР ӨНҮГҮҮ ЖОЛУНДА

Ош шаарынын мэрлери шаардыктардын айтымында акыркы жылдарда биринин ишин экинчиси улап кеткендиги менен белгилүү. Мелис Мырзакматовдон кийин Айтмамат Кадырбаев шаарды жакшы башкарган. Кадырбаев үлгүрбөй калган жумуштардын көбүн Таалайбек Сарыбашев аягына чыгарган. Мурдагы мэрлер мындай кадамдарга баруу менен ишти илгерилетип кете алышкан, – дешет шаардыктар. Ошондуктан, азыр шаар өнүгүү жолунда. Андыктан, таза, чыгыш элинин маданиятына суугарылган Ош шаарына "ишти улантуучу" мэр керек!

Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

Эгемендүүлүгүбүзгө – 30 жыл

ЭГЕМЕНДҮҮ МАМЛЕКЕТТЕ КАНДАЙ ӨЗГӨРҮҮЛӨР БАР?

Мамлекетибиздин эгемендүүлүк күнүн утурлай ар тармакта иштеген замандаштардын пикирлерин угуп көрдүк. Алар эгемендиктин баркын, маанисин жана кыргыз эли үчүн кандай ийгиликтер жаралгандыгын төмөндөгүчө түшүндүрүштү.

ЭлТР МТРКсынын башкы директорунун орун басары Кылыч МУРЗАЛИЕВ:

“ЭРКИНДИГИБИЗДИ БААЛАЙЛЫ, БАРКТАЙЛЫ, САКТАЙЛЫ!”

- “Элүү жылда эл жаңы, жүз жылда жер жаңы”, - деп кыргызда бекеринен айтылбаса керек. Эгемендүүлүктүн 30 жылдыгы эл жаңырган доорго туш келип жатат. Эгемендик алган жылы төрөлгөндөр 30 жашка, ошол жылы мектепти бүткөндөр 47-48 жашка чыкты. Учурда ошондогу жаштар эл-жер башкарып калды. Алардын кандай башчы болгонуна эл тараза, мезгил тараза. Аны чагылдырган журналисттердин ой жүгүртүүсү менен дүйнө таанымына эгемендик өз таасирин тийгизбей койгон жок. Бүгүн алардын дүйнө таанымы кеңейип, элдин бүйүрүн кызыткан жаңылыктарды чагылгандай тездикте алакандай эл эмес, дүйнөнүн кыйырына жеткирүүдө. Жалпыга маалымдоо каражаттары болгон телевидение, радио, гезит басылмаларына блогерлер, социалдык түйүндүн колдонуучулары атаандаш болуп чыга келди.

ЖМКлар коомдун талабы менен табитине ыктап радиоуктурууларын, көрсөтүүлөрүн соцтүйүндөргө чыгаруунун жолдорун табышты. Ким маалыматка канчалык көп ээ болсо, ал дүйнөнү башкарат деген сөз өз чындыгына жетти. Дүйнө мамлекеттеринде эмне жаңылык болсо, баары көз алдыбызда. Баарынан кабарыбыз бар. Биз да доордун өнүгүшүнө жараша өзгөрдүк.

Эгемендиктин алгачкы жылдарынан бери мекенчил кесиптештерим айлыктын аздыгына, шарттын начардыгына шылтабай, тай-тайлагандар телчигип, өлкөнүн бүтүндүгү, улуттардын биримдиги жана элибиздин келечеги үчүн маалымат менен камсыздап жаткандыгы мени кубандырат. Эми элибизге кайрылаарым, эркиндигибизди баалайлы, барктайлы, сактайлы! Эгемен өлкөмдүн эркин элинин келечеги кең болсун! Эгемендигибиз өзүбүзгө буюрсун!

Тышкы иштер министрлигинин алдындагы тышкы миграция департаментинин миграция саясаты бөлүмүнүн башчысы Алмаз АСАНОВ:

“ЭГЕМЕН МАМЛЕКЕТТИН ТЫШКЫ САЯСАТЫНДА ИРИ ЖЕТИШКЕНДИКТЕР БОЛДУ”

- Чынында эгемендик алганы мамлекет өтө оор күндөрдү башынан кечирди. Союздун таркашы менен кыргызстандыктар өз арабасын өзү тартууга өттү. Өлкөдөгү завод-фабрикалар, ишканалар иштебей, жумушсуз калгандар чет өлкөлөрдү карай агылганына баарыбыз күбөбүз. Жаңы телчиккен мамлекетте көч бара-бара түзөлөт эмеспи. Айтайын дегеним, эгемен мамлекет жүргүзгөн тышкы саясатта ири жетишкендиктер болду. Өз кезегинде Кыргыз Республикасынын экономикасы жай өнүккөндүктөн, КМШ мамлекеттерине, өзгөчө Россияга агылган эмгек мигранттары көбөйгөн. Алар бул жакта калган үй-бүлөсүнүн, жакын туугандарынын каржы булактарын бекемдеп, социалдык абалын жакшыртууга шарт түзүп беришүүдө. Чет элде жүргөн биздин мекендештерибиз мамлекетибиздин экономикасын көтөрүүгө кандайдыр бир деңгээлде өз салымдарын кошушту десем жаңылышпайм.

Кыргыздардын КМШ мамлекеттеринде иштөөсүнө кеңири жол ачылды. Алсак, Евразия экономикалык биримдигине мүчө-мамлекеттер Казакстан, Россия, Армения, Белоруссия жана Кыргыз Республикасынын ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде биздин жарандарга эч кандай тоскоолдук жок. Тажик, өзбек жарандарына салыштырмалуу кыргызстандык эмгек мигранттарынын жумушка орношууга болгон мүмкүнчүлүгү жогору. Себеби, жумушка орношуу үчүн уруксат кагазын алуу, учётко туруу сыяктуу бир катар мыйзамдуу тоскоолдуктардан бошотулган. Ушул эле өлкөлөрдүн Өкмөттөр аралык макулдашууларынын негизинде пенсияга чыгуу укугу жана пенсия төлөмдөрү, топтомдору да сакталат. Мисалы, пенсия курагы жеткенге чейин Россия Федерациясында иштеп Кыргыз Республикасына кайтып келсе пенсияга чыга алат. Ошол өлкөлөрдө эмгек мигранттарынын пенсия фондуна топтогон каражатын Кыргызстанга которуп беришет. Мындан сырткары, ЕАЭБдин алкагында “Чек арасыз жумуш” деген электрондук система түзүлдү. Буга жарандарыбыз эч жакка чыкпастан интернет аркылуу ЕАЭБге мүчө-өлкөлөрдүн жумуш берүүчүлөрүнүн базасына эркин кире алат. Мында жумуш берүүчү менен түз байланышууга кеңири мүмкүнчүлүк түзүлдү. Түркия мамлекетинде да иштеген мекендештерибизди пенсиялык камсыздандыруу боюнча Өкмөттөр аралык макулдашуусу күчүнө кирген. Эгемендикти алган жылдардан бери карай мамлекеттин сыртында жүргөн эмгек мигранттарынын укуктарын коргоо, жарандарга көңүл буруу сыяктуу бир катар алгылыктуу иштерди жүргүзө алдык.

Кыргыз күрөш федерациясынын президенти Рыскелди ШАМИЕВ:

“РУХИЙ ДӨӨЛӨТҮБҮЗ МЕНЕН БҮТ ДҮЙНӨГӨ ТААНЫЛДЫК”

- 30 жыл мурда 31-августта өлкөбүздүн эгемендүүлүгүн жарыя кылдык. Ата-бабаларыбыздан бери мамлекетибизди түптөп, эгемендүүлүккө ээ болуш үчүн көптөгөн иштерди аткарышкан. Мисалга алсак, Касым Тыныстанов, Ишенаалы Арабаев, Жусуп Абдрахманов сыяктуу инсандардын мамлекеттүүлүктү түптөөдөгү эмгеги эч унутулбайт.

Дүйнөдө эгемендикти алган 200дөн ашуун мамлекет болсо, анын бири – Кыргыз Республикасы. Бүгүн өзүбүздүн каада-салтыбыз, маданиятыбыз, рухий дөөлөтүбүз менен бүтүндөй дүйнөгө тааныла алдык. Өзүбүздүн баалуулуктарды сактоо, каада-салтыбызды тутунуу жана сөз эркиндигине ээ болуу бул – эгемендиктин туу чокусу. 70 жыл бою СССРдин саясатын карманып келип, эгемендикке ээ болгон мамлекетибиз 30 жылда саясий жана экономикалык багытта өз ордубузду таба алдык. Мамлекетибиздин эң чоң баалуулугу – экономикалык эркиндик жана мамлекеттин коопсуздугу өлкөнүн өнүгүшүнө өбөлгө түзөт.

Өлкөбүздүн эртеңки ээлеринде мамлекеттүүлүгүбүздүн баалуулугун, анын маани-маңызын билүү менен мекенчилдик сезими жүрөгүнөн орун алышы керек. Дүйнөдө 30-40 миллиондой эли бар айрым өлкөлөр өзүнүн каада-салтын, үрп-адаттарын колдоно албай, бөтөн мамлекетке кошулуп жашап, ошол мамлекеттин саясатын жүргүзүп келгенин балдарыбызга түшүндүрөлү. Мекенди, мамлекетти сүйүү боюнча жаштарга идеологиялык тарбия берип жол көрсөтөлү. Кыргыз эли ошондо гана экономикалык туңгуюктан чыгып, өнүккөн мамлекетке айланаарыбызга ишенем.

Асел БАРЫКТАБАСОВА

Камылга

ИШКЕРДИК ОБЪЕКТТЕРДИН, СУБЪЕКТТЕРДИН КАРТАСЫ

Мамлекеттик салык кызматы “Ишкердик субъекттердин жайгашуусунун санариптик картасы” долбоорун ишке ашырууда Бишкек, Ош шаарларында жайгашкан сооода, жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндөгү ишкердик объекттердин жана субъекттердин жайгашуу картасын түзүү боюнча иш жүргүзүүдө.

Жайгашуунун санариптик картасын түзүү максатында Салык кызматы менен Ички иштер министрлигинин, Салык кызматы менен мэриянын кызматкерлеринен турган ведомстволор аралык жумушчу топтор түзүлүп, жайгашуу картасын түзүүгө иштерди уюштуруу боюнча ведомстволор аралык план түзүлдү.

Ведомстволор аралык планда Салык кызматынын кызматкерлери администрациялык райондор боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык башкармалыктарынын кызматкерлери менен бирдикте жайгашуу картасын түзүүдө биргелешкен практикалык иш-чараларды өткөрүүдө.

Салык кызматкерлери сатылып жаткан маркалануучу товарларга марканын болуусун жана алардын шайкештигин көзөмөлгө алышып, андан ары тестирлөөдөн өткөрүү менен жайгашуунун санариптик картасын түзүү, 4-топтогу мүлк объекттерин башкаруу жана жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуу боюнча кызмат көрсөткөн субъекттерде патенттин болуусун контролдошот.

2021-жылдын 9-августунда Бишкек, Ош боюнча жайгашуунун электрондук картасына 16727 ишкердик объекти жана субъектилер киргизилген. Алардын 12400ү – Бишкек, 4327и - Ош шаарында. Долбоорду ишке ашыруунун 3 этабында сооода, жумуш жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү объекттердин жана ишкердик субъекттердин санын кыйла так аныктоо максатында Салык кызматынын маалымат базасын Кадастр маалымат базасы менен интеграциялоо пландаштырылууда. Бул коммерциялык жана өнөр жай багытындагы кыймылсыз мүлктү ижарага берүү боюнча кызматтарды көрсөтүүчү ижарачылардын үстүнөн да контролду жакшыртууга мүмкүндүк берет.

Эске салсак, буга чейин Салык кызматы Бишкек, Ош шаарларындагы ишкердик иш жүргүзгөн объекттердин жана субъекттердин жайгашуусунун бирдиктүү электрондук базасы менен тааныштырып, экономикалык ишмердиктин объектилеринин жана субъекттердин жайгашкан жерин картадан көрсөтүп туруучу “Дислокация” программалык модулунун иштөөсү көрсөтүлгөн.

Ишкердик иш жүргүзгөн объекттердин жана субъекттердин жайгашуусунун бирдиктүү электрондук базасын түзүү салыктык башкарууда оң таасирин тийгизип, мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүүгө жана көмүскө экономиканын деңгээлин кыскартууга мүмкүндүк берет.

Дислокациянын бирдиктүү электрондук базасын иштеп чыгуу салык жол-жоболорун фискалдаштыруунун электрондук системасын киргизүүнүн алкагында жүргүзүлүүдө.

Жазгүл КАРБОСОВА

Өнөр дүйнөсүнүн өчпөс жылдызы

БАКЕН ЖАНА КОСЫГИН

“Мен билгенден өнөр адамдарынын ичинен чыккан көк жалы Бакен Кыдыкеева эжебиз” - деп Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти, кыл кыякчы Толтой Мураталиев сөзүн улаган эле. – Биринчи жолу көзмө-көз көл тарапта “Аманат” аттуу көркөм фильмди тартып жүргөндө көргөм. Ошол көз ирмемдер эгерим кетпейт эсимден”.

Ал кинодо мындай эпизод бар. Жайлоонун болуп турган учуру. Кулундар оюн салып, энелерине эркелешип, эмчектерин эмип, ууртторунан бээнин ынак сүтү чууруп, бала кыял алар ток пейил. Кудум эле энелерине эркелеген балдардан айрып алгыс. Ошол ойноок баладай кулундун образына төп келер музыка табыш таңсыкка айланат. Акыры кыл кыякчы Толтой Мураталиевди чакырышат. “Атаң Мураталы Күрөңкеевдей зор музыкант ай ким билет, мындан ары чыкпас. Сен да ата жолун улап келатасың. Бизге жардам бер. Күү менен эрке кулундун кубанычын ойноп бер, кандай күүлөр төп келет?! Бир сен билбесең, биз кайдан билет элек”- дешет. Бир караганда тапшырма жеңил болбой калсын. Көп күүлөрдү эске салды, салмактады. Бирок, чиркин бири да чендебеди. Образга дал келбеди. Акыры “Эркесарынын эрке күүсүн” тандады. Комузда ойноп, энелерине эркелеген балдар көз алдыларына элестеп, режиссёр энеси эркек төрөгөндөй сүйүнүп калбаспы.

Эркесары Бекбасаров Таластан чыккан чоң комузчу. Кыргыз күүлөрүнүн алтын фондусунда өзүнүн аткаруусунда алтынга бергис нечен күүлөрү бар. Ондогон күүлөрү оркестрлештирилген. Аткаруучулардын репертуарынан да нечени орун алган. “Эркесарынын эрке күүсү” кинонун көркүн ачып калбаспы. Музыкасыз кинонун жүзү ачылбас.

Атайы алыстан чакырткандарына жараша күүсүн таап, чертип черлерин жаздым деп Толтой Мураталиев жетине албай калат. Бир кезде актёрлор чогуу олтурган үйгө кирип барат. Чү дегенде эле жигиттей мандаш токунуп чок ортодо олтуруп алып, кызык кептен чубап жаткан Бакен Кыдыкеева эжесине арбалып калат. Көзүнөн көзүн албай суктанып карап.

- Бу жигит киши көргөнбү?!-деп Бакен эже шаңк этет.

- Кишилерди көргөнү менен сиздей сулуу периштени көзмө-көз биринчи көрүшү окшойт.

Ооба, Бакен Кыдыкееваны кинолордон көргөнү менен минтип кез келери үч уктаса түшүнө кирбеген. Кинодон көргөндөрү бир тең болсо, минтип каш кабактын ортосунда көзмө-көз көргөнү бир тең болду.

- Таанышып алыңыз эже, бу Толтой Мураталиев деген жигит болот. Атайы борбордон чакырттык.

- Мукемдей залкар кыл кыякчы, комузчулар бир кылымда бир эле туулар. Ата жолун улаган сени билем. “Ат кеттини” сенин аткаруунда укканда атаңды уккандай болом. “Күрөңкеевдин эркесарысын” мен да биринчи көзмө-көз көрүшүм дегенде олтургандар күлүп калышты.

Ошол күндөн Толтой Мураталиев “Күрөңкеевдин эркесарысы” аталып кетет. “Күрөңкеевдин эркесарысы” экинчи ирет Бакен эжесин Ташкенттен көргөн. Кыргыз маданият күндөрү өтүп жаткан. Банкет учуру эле. Бир оокумда Өзбекстандын ошондогу журт башчысы Шараф Рашидов СССРдин Министрлер Советинин төрагасы Алексей Николаевич Косыгинди баштап кирип келбеспи. Мындай болорун күтүшпөгөн. Косыгин баары менен учурашып келатып, Бакен эжени көргөндө өзгөчө имерилип, жүзүнөн сүйүп, саламатчылыгын сурап, саамга жанынан чыкпай, аркы-беркини сурап байланып турду. Эбактан эски тааныштар, жакшы санаалаштар экени белгилүү болуп чыга келди.

Залкар акын Темиркул Үмөталиев:

- Биздин кыздардай сулуулар бу Өзбекстанда жок тура. Кандай таланттуу татынакай кыздарыбыз бар, деп жетине албай калды.

...Көрсө, Вьетнамдын журт башчысы Хо-Ши-Мин дүйнөдөн кайтып, Косыгин коштошуу расмине катышуу үчүн бараткан экен. Ташкент аркылуу учат тура. Самолёт даяр болгончо кыргыз, өзбек маданият жана искусство ишмерлери менен жолугушуп, банкет дасторконунан насиптеш болуп кеткен.

“Бакен эженин союз учурунда кандай кадыр-баркы бийик экенин ошол экинчи жолугушууда көргөм”- дээр эле Толтой Мураталиев.

СССРдин эл артисти, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, театр жана кино искусствосунун өчпөс жылдызы Бакен Кыдыкеева тууралуу айтылгандан да айтыла электери, жазылгандан да жазыла электери көп.

Орус туугандар “Биздин Анна Каренина” деп келишчү. Эл аралык аренада атагы таш жарып турган. Кандай учур болсо да жылдызы жанып турар унутулгус улуу актриса.

Айчүрөк МАКЕШОВА

Казактын кадырлуу инсаны

МУХТАР АУЭЗОВ ЧОЛПОН-АТАГА ҮЙҮН ӨЗҮ САЛГАН

Чолпон-Ата шаарындагы Мухтар Ауэзовдун үй-музейи көлдүн жээгинде бүйткалуу жерде жайгашкан. Жапжашыл бакчасы менен тыптынч болуп, адамды арбап алат. Кезинде “Манас” эпосу боюнча доклад жасап, ушул темада диссертация жактаган казактын белгилүү жазуучусу, педагогу Мухтар Ауэзов кыргыз өлкөсүн жанындай жакшы көргөн, кыргыз акын-жазуучулары менен ынак дос болуп, эки элдин ортосунда алтын көпүрөдөй жанып турган. Кыргыз өкмөтү Ауэзовду урматтап, согуш бүткөндөн кийин көлдүн жээгинен участок берген экен. Ошол жерге Мухтар ага өзү үй салыптыр. Ушул үйгө Чыңгыз Айтматов, Саякбай Каралаев, Түгөлбай Сыдыкбеков сыяктуу залкарлар тынбай барып турушкан. Тилекке каршы, бул дача-үйүндө Мухтар ага төрт жыл гана жашаган. Андан бери жыл сайын жайкысын анын кичүү уулу Мурат Мухтарович Ауэзов бир туугандары, балдары менен келип-кетип турат. Үй-музейди китепкана десе да болот, кыргыз-казактын баалуу адабий чыгармалары ушул жерде жайгашкан.

Жакында Мухтар ага салган ушул үйгө атайын бардым. Дарбазасы, акын-жазуучулар отуруп аңгемелешчү короодогу стол-отургуч абдан эскирген. Короодо Мухтар Ауэзов өзү тиккен тогуз ак кайың дүпүйөт. Үй эскилиги жетип турса да абдан жагымдуу. Аурасы таза. Короодо жемиш бактары жана гүлдөр өстүрүлгөн. Бул жайды Чолпон-Ата шаардык мэриясы өз көзөмөлүнө алган. Үй-музейдин ичи-сыртын, короосун 1982-жылдан бери Саламат Табышева карайт. Биз эже менен таанышып, китепкана-музей жөнүндө сурадык.

“1971-жылы 28-сентябрда Мухтар Ауэзовдун үй-бүлөсү ушул үйдү расмий түрдө китепкана-музей кылып ачып, жергиликтүү тургундарга белек кылган. 1957-жылы Кыргыз өкмөтү казак жазуучусу Мухтар Ауэзовго жер берүүгө атайын токтом чыгарган. Ал Чолпон-Атаны тандап алып, ушул үйдү бат эле салган. Тилекке каршы, ал 1957-жылдан 1961-жылга чейин гана эс алган. Акыркы жолу 1961-жылы февраль айында келип, бир ай жашап, акыркы китеби “Өскөн-өркөн” романын жазган. Бирок, романы бүтпөй калган, бүтпөгөн варианты менен деле окурмандарга тарап, чет тилдерге которулган. 1961-жылдан 1971-жылга чейин анын үй-бүлөсү – аялы Валентина Николаевна, балдары, неберелери менен келип эс алып турган. 1971-жылы кыргыз элине деп китепкана-музей кылып калтырып кетишкен. Ошол жылдан бери казак интеллигенциясы атайын издеп келип, куран окутуп, таазим кылып келип-кетип турушат. Мухтар Ауэзов үйдү салгандан кийин кыргыз достору Аалы Токомбаев, Темиркул Үмөталиев, Түгөлбай Сыдыкбеков, Мидин Алыбаевдер келип турушчу экен. Жакын досу Саякбай манасчы болгон. Саякбай ата Бостериде жашап, дайыма Мухтар ага көлгө келгенде үйүнө каттап турган. Мухтар Ауэзов “ЗИМ” деген машинасын айдап келчү экен, Саякбай атаны сала кетип, Алматыда далай жолу “Манас” айттырыптыр. Мухтар Ауэзовдун тогуз баласы болгон, ошондуктан короого тогуз ак кайың тиккен. Азыр эң кичүү баласы Мурат Ауэзов балдары, неберелери менен келип турат. Эмдиги жылы Мухтар Ауэзовдун 125 жылдыгы белгиленет. Жакында Казакстандын маданият министри келет деп күтүп жатабыз. Алар үй-музейди толук реставрациядан өткөрүүгө, ремонт кылууга белсенип турушат”, - деди Саламат эже.

Саламат эженин 30 жылдан бери аз айлыкка кайыл болуп, ушул саябан жайды аздектеп, тазалап, келген меймандарга эшигин ачып, иштетип келе жаткана ыраазы болдум. Ушул тапта Чолпон-Атада Мурат Ауэзов үй-бүлөсү менен эс алып жүрөт. Ал жыл сайын атасы салган китепкана-музейде болууну өтө жакшы көрөт. Баса, Мурат Ауэзов Казакстанда өтө белгилүү үч улуу инсандын жубайы болгон Фатима Габитованын кичүү уулу.

Сымбат МАКСУТОВА

“Кыргызфильм” жаңы кинолорду тартат

Акжол БЕКБОЛОТОВ, Т.Океев атындагы “Кыргызфильм” киностудиясынын директору:

«ЧЫГАРМАЧЫЛ АДАМДАРГА ТЕНДЕРДИН КЕРЕГИ ЖОК, МАДАНИЯТ ТАРМАГЫН ОШОЛ НЕРСЕ КЫЙНАП КЕЛАТАТ»

Акжол Бекболотов – “Кыргызстан – кыска метраждуу фильмдердин өлкөсү” фондунун жана “Айтыш фильм” киностудиясынын түзүүчүлөрүнүн бири. Акыркы бир жылдан бери “Кыргызфильм” киностудиясынын башкы директору. Биз Акжол менен азыркы кино тармагы жаатында маек курдук.

- Акжол мырза, жылына мамлекеттен кино тартуу үчүн канча акча бөлүнөт, ушул жылы кандай фильмдер каржыланды? Эмки жылга кандай пландар бар?

- Быйылкы жыл биз үчүн жемиштүү болду. Толук метраждуу үч көркөм фильм өндүрүшкө берилген. Биринчиси – Актан Арым Кубаттын “Эсимде” тасмасы. Былтыр өндүрүшкө берилген, бирок пандемияга байланыштуу токтоп калган. Быйыл улантылып жатат. Бул тасма азыр монтажда жана үндөрү коштолуп жатат. Экинчиси – Эрнис Абдыжапаровдун “Сагынбай манасчы” тасмасы. Манас кантип кагаз бетине түшкөнү жөнүндө. Азыр булар Ысык-Көлдө тасмага түшүрүп жүрүшөт. Үчүнчүсү – стартта турган Таалайбек Кулмендиевдин “Үй сатылат” деген драмалык фильми. Мааниси – социалдык көйгөй. Кредитти төлөй албай, үйлөрдүн сатылышы, үй-бүлөлүк баалуулук тартылат. Мындан тышкары, мамлекеттик, коомдук ишмерлер – Ишеналы Арабаев, Касым Тыныстанов, Жусуп Абдрахманов сыяктуу инсандардын өмүрү, ишмердүүлүгү тууралуу тасмаларды тартабыз. Булар толук метраждуу деп аталып, 90 мүнөттүн тегерегинде болот. Быйыл Ишеналы Арабаев тууралуу толук метраждуу тасманы планга киргиздик. Режиссеру Бекболот Айдаралиев. Бул тасманы серия кылып чыгарсакпы деп жатабыз. Эмдиги жылкыга Касым Тыныстанов турат.

- Тарыхый инсандар тууралуу тасмага сценарийди кимдер жазат?

- Бизде сценаристтер жокко эсе болгондуктан кинорежиссерлор өздөрү жазат. Ушул салт кадимки көрүнүштөй болуп калды. Негизи сценарист жазып, режиссер аны өзүнө ылайыкташтырып алыш керек. Андан кийин Кыргыз Республикасынын 30 жылдыгына карата документалдуу тасма тартканы турабыз. Ал хронометраждуу 40 мүнөттүк. Режиссеру Нарын Айып. Нарын агай бул боюнча жакшы түшүндүрүп жана аналитикалык жактан жакшы ачып берди. Эмнеге жетиштик, эмнеден кур калдык?, - дегенди ачып берүүчү тасма болот. Андан кийин эгемендүүлүктүн 30 жылдыгына карата кыргыз өлкөсүн таанытуучу 10 мүнөттүк фильм. Бул кыргыз, орус, англис, түрк тилинде чыгат.

- Фильмдерге бюджеттен канча акча бөлүштүрүлөт?

- Толук метраждуу фильмдерге 6 млн сомго чейин бөлүнөт. 70 мүнөттөн өйдө толук метраждуу фильм болун эсептелет. Документалдуу толук метраждуу фильмдерге 1,5-2 млн сомго чейин акча бөлүнөт. Буларда ойноо элементтери болсо, тарыхый документтерди кайра калыбына келтирип, фото, видеосу жок болсо, маанилүү окуяларды көрсөтүүгө туура келет. Тарыхый предметтер, декорациялар менен коюп бергенге милдеттүүбүз. Ишеналы Арабаев боюнча ушул кишинин атын алып жүргөн университетке кайрылганбыз, алар сценарийди жактырышты. Ушундай фильмдер үчүн 1-октябрга чейин конкурс жарыялаганбыз, алар келсе, биздин көркөм кеңеш бир ай окуп, тандап чыгат. Өткөн сценарийлерди администрация карап көрүп, сметасын чыгарабыз. Документациясын тууралап, суммасынын жыйынтыгын чыгарып, 2022-жылга тартыла турган фильмдердин жалпы суммасын көрсөтүп, бюджеттен акча сурайбыз. Бирок, тартыла турган фильмдердин баалары өзүнүн чыгымына жараша болуш керек деп эсептейм. Мисалы, бирөөндө 10 актер ойносо, бирөөндө бирөө эле. Бирөө Ош, Жалал-Абад, Баткенге барып тартышы мүмкүн, бирөө Бишкекте эле тартат.

- “Кыргызфильмдин” продукциясы катары “Курманжан датка” фильми мамлекеттин буйрутмасы менен тартылып, мыкты тарыхый фильм болду деп бүт дүйнөгө тарап кетти. Мунун аркасынан “Шабдан баатыр” фильми үчүн 40 млн сом бөлүнгөн экен. Ал эмнеге тартылбай калды?

- “Курманжан датка” коомдук башталышта демилгеленип, андан соң Өкмөткө чыгып, Өкмөттөн ылдый түшүп, буйрутма менен тартылды. Ошол тенденция башталганда киночулар “темаңы силер эмес, биз тандайбыз” дегендей кылышты окшойт. Андан кийин “Тайлак баатыр” үчүн да сценарийге конкурс жарыяланган. Бирок, эч ким катышпай койгон. “Шабдан баатырды” Эрнист Абдыжапаров тартмак. Сценарийи даяр эле болсо керек.

- Биздин редакцияга сүрөтчүлөр келип, “Шабдан баатыр” фильми үчүн бөлүнгөн акчага ээр-токум, жаа, мылтык жана көптөгөн шаймандарды реквизит кылып жасадык, алар ар кимге арендага берилип кетүүдө. Бул фильм качан тартылат деп сурап жатышат.

- “Курманжан датка” 2013-2014- жылдары тартылса, “Шабдан баатыр” балким 2015-2016-жылдары тартылмак. Мен толук билбейм. Бул боюнча Кино департаменти билиши мүмкүн. Биз алардын алдында турабыз. Алар министрликтин алдында турат. Биздин негизги ишибиз – өндүрүш. Биз саясатты, коммерцияны жүргүзбөйбүз.

- 2022-жылга кандай фильмдер тартылат?

- Президенттин тилди өнүктүрүү жөнүндө токтому чыккан. Ошондуктан, тил боюнча толук метраждуу фильмди кыргыз-түрк “Манас” университетинин түрколог мугалимдери менен байыркы кыргыз жазуулары тууралуу тартканга аракет кылабыз. Азыркы учурда сценарийин жазып жатышат. Бул фильм калкка чыгып, жалпак, түшүнүктүү тил менен жеткиликтүү боло алса, кыргыз мамлекеттүүлүгү 30 же 100 жылга байланбай, байыркы эл экенин ар бир жараныбыз билип калат деп ойлойм. Улуттук духтун ойгонушуна да себепкер болот. Бул толук метраждуу кино. 2022-жылга Касым Тыныстанов, Исхак Раззаков, Баялы Исакеевдерди тартууга аракет кылабыз. Андан кийин кыска метраждуу манасчылар жөнүндө документалдуу тасмаларды киргизип жатабыз. Ар бир манасчыны жылына бирден тартуу ниетибиз бар. Быйылкы жылга Дөөлөт Сыдыков тартылат. Азыр каржы маселесин күтүп жатабыз. Биз манасчылардын жаштыгын тартып калышыбыз керек. Алар келечекте кыргыздын белгилүү аксакалдары болушат. Жаныбызда жүргөн үчүн баасы жакшы билинбей калышы мүмкүн, бирок архив үчүн азыр тартып калуу керек.

- Биздин кино өнөрүбүз коңшу өлкөлөргө салыштырганда кандай абалда?

- Жалпысынан техника, технология, каржы жагынан албетте алар алдыда. Казакстанда “Казакфильм” министрликке, “Өзбекфильм” түздөн-түз Президентке баш иет. Кино индустриясы, кино жөнүндө маалыматтарды Президенти сөзсүз билип турат. Биздин жетишкендигибиз болсо – эркинбиз, цензура жок. Бирок, маданият тармагына каржы аз бөлүнөт, анын ичинде биз дагы барбыз.

- “Манастын уулу Семетей” тартыла элек жатып ызы-чууга кабылды. Сценарийи бурмаланган деп жатышат. Сценарийин сиздердин редколлегия карап чыкканга мүмкүнбү?

- Мүмкүн эмес, себеби жеке тармактар каржылап жатканы үчүн биз кийлигише албайбыз. Бирок, элге ким тартканы эмес, кинонун чыгышы жаңылык да. Ошондуктан, жогорку жакта улуттук маданий баалуулуктарды тасмага түшүрүү боюнча мыйзам кабыл алынганы турат. Ал кинону тарттырбай коеюн десе, мыйзам жок. Мыйзамдуу иш алып барыш үчүн биринчи мыйзам керек. Кандай кино болбосун тартылып бүткөндө, террористтик пропаганда, уят көрүнүштөр жокпу деп, адегенде комиссия көрөт. Комиссия чыксын десе чыгат, чыкпасын десе чыкпайт. Бирок, азыр интернеттин заманы болгондон кийин башка жактан жайылып кетиши мүмкүн. Эң чоң чыр ошондо болот. Бул фильм жалпы кыргыз элинин улуттук баалуулугу болун жаткандан кийин сөзсүз улут менен эсептешүүсү керек болчу. Манасчылар маалымат агенттигине эмнеге чыгышты? Анткени, манасчылар менен кеңешип коюшкан эмес. Коюлуп жаткан фильм Манас, Семетей жөнүндө болун жатса, бир да манасчыдан кеңеш албаса, “бул теманы силер бизден жакшы билесиңерби?”, –деп алар таң калышты. Кинонун эң чоң визуалдык күчү бар. Адамга тасма аркылуу сиңиргенден кийин аны көкүрөктөн алып чыгуу кыйын. Азыр китеп окууну таңуулоо да кыйын, андыктан визуалдык искусствону тереңдетиш керек. Азыркы балдарды ютуб каналдар, соцтармактардагы фильмдер, мультфильмдер тарбиялап жатат. Орус, англис тилдерин ошол жерден уга берип, сүйлөп калышууда. Биз ошолордун суроо-талабына жооп бере турган контентти кыргыз тилинде чыгарып бере албай жатабыз. Биз баланы же ата-энелерди күнөөлөгөндү коюшубуз керек. Бул жерге мамлекеттик чоң программа керек. Кыргыз Республикасынын аймагында кыргыз тилдүү контентти азыр түзүп койсок, бала 7 жашка чыккандан кийин натыйжасын көрөбүз. Ага чейин көрө албайбыз. Мамлекет жекече эле эптеп жүрүшкөн менчик продакшн студияларга акча берип, түртүп койсо, алардан укмуштуудай идея чыгып, кыргыз тилдүү контентти жасай беришмек. Биз кыргыз тилди кыйнап үйрөтө албайбыз, тилге кызыктырыш керек. Бала кичинесинен кыргызча кызыктуу контенттерди көрүп чоңоюшу керек. Кыргыз тили ютубдун тилине айланышы зарыл.

- Балдар үчүн кыргыз тилинде мультфильмдер да жокко эсе.

- 30 жылда мультипликаторлорду жоготтук. Жумушу жок калган мультфильм жасоочу сүрөтчүлөр азыр таш чегип, эстелик жасашат. Режиссер Айбек Дайырбеков “Бир күндө бир мультфильм” деген долбоор чыгарса керек эле. Биздин эл дагы өтө сынчыл, дароо эле Голливуддагыдай мультфильмдерди көргүсү келет. Биз аларга буюртма берсек, олчойгон акчага жасап бериши мүмкүн, бирок биз өз өндүрүшүбүздү колдошубуз керек. Бизде азыр өлкө үчүн көп нерсе жасайын деген жаштар көп, бирок аларга колдоо жок.

- Киночуларда эмне көйгөй бар?

- Тендер маселеси. Чыгарманы экиге бөлүп караса болот: чыгарма жаратуу учуру жана административдик-башкаруу учуру. Тендерди административдик-башкаруу учуруна жарыяласа болот. Бирок, чыгарма жаратуу жагында тендерди токтотуш керек. Чыгармачыл адам мыкты жараткан ишин кымбат баалайт, тендер болсо дайыма арзанга качырат. Жалпы эле маданият тармагын тендер кыйнап келатат. Укмуштуудай жаа жасайбы, сүрөт тартабы, чыгарма жазабы, обон жаратабы, кино тартабы, ушул чыгармачыл адамдар тендерге катышкысы келбейт. Таланттуу адамдардын ичинде интернет колдонбойм, телефон кармабайм дегендери да бар. Андыктан, чыгармачыл чөйрөгө жакшы ойлонулган башкача мамиле керек.

Сымбат МАКСУТОВА

■ Элет көйгөйү

КР УИАнын Борбор Азиядагы гуманитардык изилдөөлөр борборунун жетекчиси, тарых илимдеринин доктору, профессор Чолпон КОЙЧУМАНОВА:

“КӨЗДӨРҮНДӨ ЖАШ КЫЛГЫРЫП ТУРСА ДА ЖАКШЫ ДЕШЕТ...”

КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, тарых илимдеринин доктору Чолпон Койчуманова Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 30 жылдыгына арнап “Аялзаттын тагдыры: мезгил күүсүндө” аттуу монографиялык китеп чыгарды. Анда көзкарандысыз мамлекеттин калыптануусунда жана өнүгүүсүндө элеттик аялдардын ролу чагылдырылган.

- Чолпон Урушбековна, элеттик аялдардын жашоо-турмушун иликтөөгө эмне себеп болду?

- Көпчүлүгүбүз айылда өсүп-чоңойгондуктан, ал жактын жашоо-тиричилигин жакшы билебиз. Айылдан алыстаганыбыз менен каттаган сайын алардын түмөн түйшүгүн көрүп жүрөбүз. Буга чейин алардын турмушу, көйгөйү тууралуу илимий макалаларды, китептерди чыгарганбыз. Бул жолу эң алыс жайгашкан айылдарга чейин кыдырып чыгып, бүтүндөй республиканын аймактарынын жашоо-турмушун бири-бири менен салыштыруу максатыбыз болгон. Маселен, кайсыл жерде кандай артыкчылык бар же көйгөй каякта көбүрөөк деген маселени көтөрүп чыгуу болду.

Дагы бир орчундуу нерсеге басым жасадык. Айымдар өздөрүнүн башынан өткөргөн чыныгы турмуштарын,көз караштарын айтып беришти. Болгонун-болгондой китепке чагылдырдык.

Элеттик аялдар саясаттан таптакыр алыс. Бирөөгө кандайдыр бир көз карандылык жок. Өз жашоолору тууралуу ачык айтып, кандай турмушту баштарынан кечирип жаткандарына чейин көрсөтүп беришти. Сүрөткө же тасмага тартып жаткан учурда корунуу деген болгон жок. Биз 200дөн ашык аял менен жолуктук. Албетте, алардын баарын китепке батыра алган жокпуз. Дээрлик көпчүлүгүнүн турмуштары бирибирине окшош. Күнүмдүк тарткан түйшүктөрү бирдей.

- Жакшылыгын ашырып, жамандыгын жашырган сапат кыргыз аялдарына гана тиешелүү болсо керек. Дегеним, кыйналып турушса да жан дүйнөлөрүн оңой менен ача беришпейт эмеспи...

- Туура айтасыз. Кээ бир аялдар күйөөсү жумуша болгондуктан, анын уруксааты жок үйүнө киргизүүдөн тартынышты. Алардын абалын туура түшүнөм. Бирок, негизинен биздин кыргыз аялдары чечкиндүү экендигине кубандым. Турмуштары начар экендиги көрүнүп турса да, жаман жагын жашырып, жакшы жагын гана көрсөтүүгө далалаттанып жатышты. Баары жакшы деп айтканы менен көзүнөн жаш кылгырып турат. Өзүнчө калганда “Азыр мен айтып бersем кошуналар, туугандар угат. Сөзгө калгым келбейт” дешет. Ошентсе да “Кудайга шүгүр” дешип өз жашоосуна каниет кылышат. Алардын жашоосун көрүп бир ой келди. Шаарда жашаган айымдар бардык шарт болуп турса да, биз ыраазы болбойт экенбиз.

- “Эл эмне дейт?” деген калыптанган көз караштан арыла албай келе жатпайбызбы. Өзгөчө зордук-зомбулук көргөн аялдар бул нерсени жаап-жашырып келишет. Жабылуу аяк жабылуу бойдон калат дегендей...

- Аялдар көргөн зордук-зомбулугун канчалык жашырышпасын, алардын психологиялык абалынан, турмушунан билинип турат. Күйөөсүнөн ажырашып, зомбулуктан кутулгандар ачык айтып беришти. Анткени, алар коркуу сезиминен арылышкан. Тилекке каршы, эл арасында сөзгө калам деген кооптонуу менен арманын, көргөн азап-тозогун ичине сактап жүргөндөр бар.



- Эркек аялга күч колдонуп зордук-зомбулук көрсөтмөк түгүл, психологиялык жактан басым жасап турган учурлар көп кездешет. Бул “туткундан” чыгуу өтө кыйын го...

- Өкүнүчтүүсү статистика боюнча аялдарга болгон зордук-зомбулук жыл сайын өсүп жатат. Аялдардын жашоо-турмушу тууралуу изилдөө жүргүзгөн учурда сөзсүз алардын укуктук жагын кароо өтө маанилүү. Бизде мыйзамдар кабыл алынган менен иштебейт. Буга мыйзамды аткарган мекемелердин коррупцияланышып кеткендиги да чоң себеп. Ошону менен бирге мыйзамдардын арасында бири-бирине карама-каршылыктар бар. Аялына зордук-зомбулук көрсөткөн адам дароо камалбайт. Көбүнчө укук коргоо органдарынын кызматкерлери “үй-бүлөлүк чыр-чатактарыңарды өзүңөр чечип алгыла” деп көңүл кош мамиле жасашат.

Эми жаңы мыйзамдар иштеп баштаса, зомбулук көрсөткөн тарапты жана ишине көңүл кош мамиле жасаган укук коргоо кызматкерлерин жоопкерчиликке тартуу маселеси күчүнө кирет.

Жогоруда сиз айткандай, аялдарга дайыма психологиялык басым жасала берип, алар кадыресе көрүнүштөй кабыл алып калышкан. Узакка созулган депрессияга тушугушуп, өнөкөт оору катары калып калган. “Башка салганы ушул экен” деп баарын көтөрүп жүрө беришет. Тилекке каршы, психолог жок. Өзгөчө айыл жеринде аялдарга болгон зордук-зомбулук, энелердин жана наристелердин өлүмү, өз жанын кыйгандар көп катталат.

Күн сайын кайталанган тиричилик. Бардык эле аялдардын кайын-журту жакшы мамиле кыла беришпейт. “Арыз-муңубузду эч кимге ишенип айта албайбыз. Туугандарыма айтайын десем, алардын өздөрүнүн түйшүгү жетиштүү. Кошунама айтайын десем, айылга тарайт”, - дешет. Арманын айтып, бугун чыгарып алса, кеп-кеңеш алып, жылуу сөз уккан адам жеңилдей түшөт эмеспи. Мына ушундай ичинде арманы толгон аялдар өздөрү менен өздөрү калышууда. Ошондуктан, өз жанын кыюу аядардын арасында көп. Үй-бүлөдөн зордук-зомбулук көргөн, эки-үч баласы бар аял кайда барат?! Ошондой кырдаалда психолог чоң жардам берет. Болбосо, атаэнеси же туугандары сүйлөшүп туура жолго салып койсо, балким көптөгөн өмүрлөр сакталып калат беле. Учурда мамлекет тарабынан аймактарга психологдор үчүн атайын ваканция ачуу зарылдыгы турат. Жергиликтүү органдардын кызматкерлери да психологдун жоктугун орчундуу маселе катары белгилешти.

- Жабыр тарткандардын укугун коргоо боюнча айылдарда атайын “Аксакалдар соту” деген коомдук институт бар. Учурда ошол институттун коомчулуктагы орду кандай экен?

- Айыл жеринде жайылган жаман көрүнүштөрдү жок кылууга жана жаштарды жакшы жолго үндөөдө аксакалдар сотунун өз салымын кошууга чоң мүмкүнчүлүктөрү бар. Бирок, өлкөдө аксакалдар соту өнүккөн жок. Эгерде мындан ары да ушундай форматта иш алып барышса, алдыга жылуусу да мүмкүн эмес. Коомдо кадыр-баркка ээ болгон даанышман адам гана “аксакал” деп аталат. Тилекке каршы, азыркы жаштар өздөрүнүн маселелерин чечүүдө аксакалдарга ишене беришпейт. Бардык жерде аксакалдар сотунун 95 пайызын эркектер түзөт. Статистика көрсөткөндөй, билим берүү, социалдык көйгөйлөрдү чечүү менен алек болгон тармактардын бардыгында аялдар эмгектенет. Аксакалдар сотунун ишине да аялдарды тартуу зарыл.

- Өзүңүз аймактарды кыдырып, бир нече жылдардан бери алардын жашоосуна аралашып жүрүпсүз. Кандай орчундуу көйгөйлөргө тушуктуңуз?

- Биз учурдагы өтө курч болуп турган көйгөйлөргө көңүл бурдук. Кыргыз Республикасынын калкынын 66 пайызы айыл жеринде жашайт. Балдардын төрөлүшү шаарга караганда элет жеринде алда канча жогору. Ошондуктан, энелердин жана балдардын өлүмү аймактарда көп катталат. Мунун себеби ар бирибизге түшүнүктүү. Биринчиден, витаминдердин жетишсиздиги, тамактын бир түрдүүлүгү. Ошону менен бирге медицина кызматкерлеринин жетишсиздиги өтө курч маселе. Айрым айылдарда ФАП жок. Мамлекет бул көйгөйдү чечүүнү тезирээк колго алышы зарыл.

Экинчиден, калкты иче турган таза суу менен камсыз кылуу абдан начар. Өзгөчө, Жалал-Абад, Ош, Баткен облустарында таза эмес сууну колдонуунун кесепетинен ич келте оорулар көп катталган. Көпчүлүк айылдарда таза суу эки күндө бир ирет эки саатка эле берилет. Жетишкендери алып калат, албагандары арыктан ичет. Жаш балдардын арасында ичеги-карын оорулары кеңири жайылган. Арыктан суу келбеген айылдар да бар. Алар жамгырдын жаашын күтүшүп, жаандын суусун идишке тосуп алышат экен.

Үчүнчүсү, жолдордун абалы. Өлкөнүн өнүгүшү анын жолдорунан билинет дейт эмеспи. Таң калганым, мектептер канчалык алыс болгонуна карабай, бир да автобустун жүрбөгөндүгү. Мектепке таң эрте барган же сабактан кеч чыккан бала жолдогу карышкыр же чөө сыяктуу жырткыч жаныбарлардан, жолбун иттерден качып, жөө-жалаңдап жүрүшөт экен. Эң оор ахыбалда Баткен облусу турат.

- Аялдардын эң негизги милдети бала төрөп, аны татыктуу тарбиялоо эмеспи. Учурда айыл жеринде балдарды тарбиялоо жагдайында кандай өзгөрүүнү байкай алдыңыз?

- Туура, бул маселеге да өзгөчө көңүл бурдук. Мектептердин ал-ахыбалы өтө начар. Балдарды өнүктүрүү үчүн атайын кошумча ийримдер жок. Жумушсуздук аялдар үчүн да, эркектер үчүн да оор маселе. Балдардын бүтүндөй жоопкерчилиги энелердин мойнунда. Ошону менен бирге үйдөгү түйшүктү да көтөрүшөт. Бала бакчалар ачылып, ар кандай ийримдер болсо аялдардын бош убактысы көбөймөк. Бул балдарды натыйжалуу тарбиялоого, өзүнүн билимин жана маданиятын жогорулатканга шарт түзмөк. Бирок, билим жогорулатуу, интеллектуалдык өнүгүү борборлору дээрлик жок. Эс алып, көңүл ачаар жерлери той.

Республикабыздын түштүк аймагынан мигранттар көп. Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарындагы айылдык мектептерде окуучулардын теңинен көбү мигранттардын балдары. Кароосуз, көңүл буруусуз калган балдардын келечектеги тагдыры оор болот. Мээрим көрбөгөндүктөн, агрессияга тушугушат. Жакындарынан зордук-зомбулук көргөн балдарды айтпай эле коёлу. Алардын келечеги кандай болот?!

- Бул китепти Эгемендиктин 30 жылдык маараке-синин урматына чыгарыпсыз. Эмне үчүн атактуу аялдардын кооз жашоосу тууралуу эмес, айылдык аялдардын аянычтуу тагдырын тандап алдыңыз?

- Ооба, эгемендүү мамлекет болгону кыргыздын кыйын айымдары деп аттуу-баштуу аялдарды тизмектеп, чыгарып келдик. Ошол эле учурда айылда жашаган жөнөкөй карапайым аялдарга бир да китеп арналган эмес экен. Мамлекеттин жүгүн коомчулукка белгилүү болгон айымдар гана көтөрүп келе жатат деп жаңылыш ойлойбуз. Бүт түйшүктү өз мойнуна алган аялдардын өлкөнү алдыга жылдырууга кошкон салымдары алардан ашса ашат, кем калбайт. Дүйнөгө белгилүү окуу жайларда билим алып, кадыр-барктуу чоң мекемелерде иштеп жүргөн балдарды, мамлекетибиздин башында турган инсандарды төрөп, таалим-тарбия берген айылдык энелер эмеспи! Канчалык оор турмушту баштарынан өткөргөндөрү менен көйгөйлөрүн күлүп жеңип келе жаткан элеттик аялдардын эмгегин ушул китеп аркылуу көрсөткүм келди. Бардык кыйынчылыкты жон териси менен сезип, ошого карабастан сабырдуу, чыдамкай, ыймандуу аялзаты бар болушсун!

Жылдыз ДЫЙКАНОВА

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

■ Үркүн – 105

КОЛОНИЯЛЫК САЯСАТКА КАРШЫ ЭЛДИК КҮРӨШ

Кыргыз элинин тарыхы – түрк элдеринин ичинен эң байыркылыгы менен айырмаланат. Каарман ата-бабаларыбыз биздин замандын 840-жылы Улуу Кыргыз Каганаттыгын түптөгөн. Албетте, ушундай ооматтуу учурлар менен удаалаш сырттан келген күчтүү жоолорго туруштук бере албай, чабылып-чачыраган мезгилдери да болгон. Кыргыз элинин кубанычтуу, кайгылуу замандары "Манас" эпосунда кенен чагылдырылган. Быйыл Кыргыз Республикасы эгемен мамлекет болгонуна 30 жыл толду. Ушул улуу майрамга Үркүн окуясынын 105 (1916-2021) жылдыгы дал келип калышы жөн жерден эмес. Себеби, мындай трагедиялуу кыргын болбогондо азыр кыргыз элинин саны 10 миллион адамдан эбак эле ашып кетмек.

Негизи, Үркүн – түндүк кыргыздарынын орус падышалыгынын колониялык саясатына каршы элдик күрөшү болгон. Ошол убакта кыргыздар орус падышасынын бийлигин таанып, анын буйрук, жарлыктарын аткарууга милдеттүү эле. Падыша өкмөтү аймакты башкарууда жергиликтүү элдердин түпкү кызыкчылыктарын эске алган эмес. Колониялык саясаттын күчөшү – түпкү калктын нааразылыгын күчөткөн. Ал кезде күнөстүү кыргыз жеринин түндүгүнө Борбордук Россиядан орус, украин дыйкандары өтө көп көчүп келе баштаган. Колониялык бийлик аларга ар тараптан колдоо көрсөтүп, кыргыздардын суусу мол, дыйканчылыкка ыңгайлуу жерлерин тартып алып берген. Анткени, казак-орустар сыяктуу эле келгин дыйкандар дагы аймактагы падышачылыктын негизги таянычы болмок. Кыргыз элинин мыкты өрөөндөрдөн, кооз жерлерден ажыроосу алардын улуттук аң-сезимине терең таасир эткен. Айрыкча биринчи дүйнөлүк согуш маалында кыргыздардын абалы аябай оорлоп, элдин кыжырдануусу ырбап кеткен. Согуш жылдары эгин аз эгилгендиктен түшүм да эки эсе азайган. Малдын саны да кыскарган *(Үркүн, 1916-жыл – Wikipedia).*

"УЧКУНДАН ЖАЛЫН ТУТАНГАН..."

Жалаң гана согуштук керектөөлөр үчүн Жети-Суу облусунан жыйналган мал чарба азык-түлүктөрдүн наркы 55 млн сомго жеткен. Базар баасы абдан өскөн. Алык-салыктардын, ар кандай ыгым-чыгымдардын өлчөмү көбөйгөн. Мисалы, түтүнгө салынчу салык 4 сомдон 8 сомго *(ал убакта 1 сомго 4 кой келген)* өскөн. Өлчөмү 1 сом 84 тыйын болгон аскер салыгы да киргизилет. Падышалык чиновниктер согушту шылтоолоп жергиликтүү калктан ат-төөлөрдү, кийим-кече, кийиз, боз үйлөрдү көп жыйнаган. Аскерге кеткен орус дыйкандарынын чарбасына кыргыздарды күчтөп иштетишкен. Бул кыргыздардын абалын ого бетер оорлоткон.

Согуш жылдарында жергиликтүү элдин жерин тартып алуу улана берген. Алсак, Үчү өрөөнүндө гана 1915-жылга карата кыргыздардан 700 миңден ашык гектар жер тартылып алынган. Ал эми Түштүк Кыргызстанда 82 миң га жер орус дыйкандарына берилген. Нааразычылыктын күчөшүнө орус төрөлөрүнүн, айрым келгин дыйкандардын жергиликтүү элдин маданиятын, каада-салттарын, динин, тилин басмырлоосу да түртүү болгон. 1916-жылы июнда жергиликтүү элдерди согуштук-оорук иштерине чакыруу жөнүндө падышанын Жарлыгы жарыяланган. Ансыз да кыжыры кайнаган эл падышанын каарынан, мыкты куралданган аскерлеринен жалтанбай күрөшкө көтөрүлгөн.

ОРТО АЗИЯ, КАЗАКСТАНДЫ КАМТЫГАН КӨТӨРҮЛҮШ

1916-жылы алгач көтөрүлүш Орто Азия, Казакстандын кеңири аймагын кучагына алган. Ага 10 млн жергиликтүү калк тартылган. Элдик кыймыл июль айында адегенде толкундоолор түрүндө башталып, августта куралдуу көтөрүлүшкө өсүп жеткен да, октябрдын аягына чейин созулган. Анын башталышы 1916-жылы 4-июлда Кожент шаарында өткөн толкундоолордон улам өрт алган. Алар орус падышасынын Жарлыгына ачыктан-ачык нааразычылык билдиришкен. Көп өтпөй мындай толкундоолор бөлөк айылкыштактарда, калааларда да башталган.

Июль айынын орто ченинде толкундоолор Фергана өрөөнүндө кеңири кулач жайып, ага кыргыздар активдүү катышкан. Көтөрүлүш башталганда эле Анжиян уездинин Алтын-Булак, Базар-Коргон болуштуктарынын калкы айрыкча чечкиндүүлүктү көрсөтүшөт. Алар падышанын Жарлыгын аткаруудан ачык эле баш тартып, тизмелерди жок кылышкан. Мындай окуялар коңшулаш Балыкчы, Желе-Кудук, Массан, Майсары жана башка болуштуктарда да болгон. Айрыкча кыргыздар жашаган тоолуу аймактарда элдик кыймыл курч мүнөздө өткөн. Көтөрүлүшкө Кокон, Наманган уездеринин кыргыз калкы да активдүү катышкан.

Ал эми Ош уездинде көтөрүлүш июлдун баш ченинде эле башталып, толкундоолордун эң ириси Сулайман тоонун этегинде өткөн жыйын болуп эсептелет. Ага 10 миңдей киши катышкан. Жыйынга чогулган эл «Согушка барбайбыз, балдарыбызды бербейбиз!» деп ачык эле каршылык көрсөтүшкөн. Колониялык бийлик жазалоочу аскерди чакырып, жыйынды аран тараткан. Жыйындын айрым уюштуруучулары, демилгечилери камакка алынган.

Мындай толкундоолор Булакбашы болуштугунун Кожо-Абад, Чакыр кыштактарында дээрлик бир жумага созулган. Ошол эле июль айында Үч-Коргон кыштагынын эли көтөрүлгөн. Аны падышалык аскерлер күч менен баскан, үч киши өлүп, 15 киши камалган. Өзгөндөгү көтөрүлүш да курч мүнөздө жүрүп, бир нече күнгө созулган. Элдик кыймылга Алай, Гүлчө, Ноокат жана башка болуштуктардын калкы да тартылган. Августтун башында Түштүк Кыргызстандын кеңири бөлүгү көтөрүлүштүн кучагында калган. Бирок, падышалык Россиянын күчтүү армиясы элдик толкундоолорду басып койгон.

ТҮНДҮК АЙМАКТАГЫ ЭЛДИК ТОЛКУНДООЛОР

Кыргыз мамлекетинин түндүгүндө алгачкы толкундоолор 1916-жылдын июль айынын ортосунда башталып, айрым өзгөчөлүктөргө ээ болгон *(мисалы, элдик куралдуу көтөрүлүш – Ч.А.).* Көтөрүлүшкө кыргыздар, казактар, дунгандар, уйгурлар, сарт-калмактар, татарлардын өкүлдөрү, кээ бир орус, украин дыйкандары катышкан. Көтөрүлүш мыкты куралданган падыша аскерлери менен куралдуу кагылышуунун деңгээлине өсүп жеткен. Июль айынын аягында элдик толкундоолор Жети-Суу облусунда кулач жайган. Ал эми августта куралдуу көтөрүлүштүн алоолонгон оту толук тутанган. Түндүк Кыргызстанда куралдуу көтөрүлүш кеминдик кыргыздардын кыймылы менен башталган.

Августтун башында Кеминдеги Шабдан баатырдын мечитинде жыйын өткөн. Жыйында падышанын Жарлыгы, калктын оор абалы, тагдыры узакка талкууланып, көпчүлүк калк Жарлыкты аткаруудан баш тарткан. Көз каранды эместик үчүн күрөш баштоо жөнүндө бүтүм чыгарылган. Күрөштө элге башкөз болсун үчүн эзелки каадасалт боюнча калайыкка баркы бар Шабдан баатырдын уулу Мөкүш хан көтөрүлгөн *(мында хан – ошол чогулган элдин аскер башчысы дегенди билдирген).* Көп өтпөй бөлөк аймактарда да жол башчыларды хан көтөрүү жүргөн. Ысык-Көлдө Батыркан Ногой уулу, Борбордук Теңир-Тоодо Канат Ыбыке уулу хан көтөрүлгөн. Кескин айырмачылыктарына карабастан, эмгекчил эл менен ак сөөк төбөлдөр кыйынчылыкта биригишкен. Көп узабай көтөрүлүш Кеминден Сокулукка чейинки аймакка кулач жайган. Көтөрүлүшчүлөр Верный – Пишпек жолун ээлеп, почта, телеграф байланыш түйүндөрүн талкалашкан. Элдик кыймылды тез басуу үчүн падышалык акимдер Түндүк Кыргызстанга 2 казак-орус полкун, 6 жүздүк, 30дан ашуун рота жиберген.

8-августта болсо Токмокко жакын жайгашкан айылдарда көтөрүлүш башталган. 9-августта Боом капчыгайында Ыбрайым Төлө уулу баш болгон кыргыз кошууну Ысык-Көлгө бараткан аскерлердин жолун тоскон. 30 миңден ашуун огу менен 200гө жакын мылтык олжо кылынган. Август айынын ортосунда Ысык-Көл ойдунунда, Таласта, Борбордук Теңир-Тоодо күрөш күчөгөн. Кочкордо көтөрүлүшчүлөр Столыпино, Белоцарский айылдарына чабуул коюшкан. Ал эми Чүйдө Токмок шаарын камоо 10 күнгө созулган (13–22-августта). Ошол кезде Пишпек уездинде 12 болуштуктун эли көтөрүлүшкө чыкканы белгилүү. Көл кылаасындагы куралдуу көтөрүлүш өзгөчө курч мүнөздө өткөн. Көтөрүлүшкө чыккан кыргыздар, казактар, уйгурлар менен дунгандар Каркыра жарманкесинде 500дөн ашык дүкөндү өрттөшкөн.

Ысык-Көлдө падышалык чиновниктерге, кулактарга кол салуу 9-августта эле башталган. Көтөрүлүшкө Ырдык кыштагынын дунгандары 11-августан тартып активдүү катышкан. Ошол күнү алар Ырдыкка келе жаткан аскерлердин жолун тосуп, андан соң Караколго чабуул коюшкан. Эртеси кыргыздар жана дунгандар шаарды ээлеп алууга чечкиндүү аракет жасашкан. Ошол эле күнү 400 кишиден турган дунгандар кошууну падышалык аскерлерге кол салып, айыгышкан кармаш жүргөн. 12-августта Каракол түрмөсүндө 300дөн ашуун кыргыз, дунган, уйгур козголоң чыгарышкан.

13-14-августта Челпек, Бөрүбаш айылдарындагы калмактар күрөшкө тартылган. Бөрүбаш айылы бир нече күн көтөрүлүштүн чордону болуп турган. Көтөрүлүшкө башкыр, татар элдеринин өкүлдөрү, айрым орус, украин дыйкандары да катышкан. Көтөрүлүшчүлөр менен жазалоочу аскерлердин ортосундагы акыркы ири салгылашуулар 23-августта Караколдун жанында, 28-августта Түптө болгон. Ага 7 миңден ашык киши катышкан.

ЖЕҢИЛҮҮНҮН СЕБЕПТЕРИ

Күзгө жуук көтөрүлүшчүлөр тоо таянып, чегине баштаган. Мыкты куралданган орус аскерлерине каршы кармаштарда алар оор жоготууларга учурашкан. Сентябрь айында коргонуу мүнөзүндөгү чакан беттешүүлөр болот. Падышалык аскерлердин ырайымсыз кысымына туруштук бере албасына көзү жеткен эл жан айласы кылып, Ата Журттан качууга аргасыз болгон. Ошентип, кеч күздө кайгылуу Үркүн трагедиясы башталып, 39 болуштуктун эли үрккөн. Кытайга качкан 45 миң түтүн элдин жалпы саны 160 миң адамдан ашып, анын 130 миңге жакыны кыргыздар болгон. Үрккөн элдин малынын көбү таланып, калганы ит-кушка жем болгон.

1917-жылдын башына карата Жети-Суу облусунда 38 миң түтүн же 150 миң адам зыянга учураган. Ошентип көтөрүлүш жеңилүү менен аяктаган. Көп эл кырылып калган *(Үркүндө канча адам өлгөнү боюнча ар түрдүү маалыматтар айтылып жүрөт, бул маселе боюнча окумуштуулар терең изилдөөлөрдү жүргүзүү керек – Ч.А.).* Анын негизги себеби көтөрүлүштүн алдын ала жакшы даярдалбагандыгы болгон. Жеткиликтүү уюшулбай, көтөрүлүшчүлөр чачырабоого, бөлүнбөөгө аракеттенишкен. Бирок, өз ара байланыш солгун болуп, бирдиктүү жетекчилик болбогон. Көтөрүлүшкө чыккандардын согуштук даярдыгы жок, курал-жарак жетишсиз болгон. Жазалоочу падышалык аскерлер, албетте, согуштук машыгуусу жана куралдануусу жагынан артыкчылык кылган.

КӨТӨРҮЛҮШТҮН ТАРЫХЫЙ МААНИСИ

Жеңилип калганына карабастан, көтөрүлүштүн тарыхый мааниси зор. Түпкү калк көз каранды эместик үчүн күрөштүн тажрыйбасына ээ болгон. Кубаттуу элдик кыймыл аймактагы колониялык бийликти кыйла алсыраткан. Колониялык эзүүнүн запкысы жанына баткан көп улуттуу калктын ынтымагы арткан. Алар падышалыктын колониялык улут саясатына каршы күрөштө бирге болушту. Кыргыз эли Ата Журтун бошотуу үчүн, өз алдынчалык үчүн көтөрүлүшкө чыккан. 1916-жылдагы кайгылуу окуя – кыргыз элинин 19-кылымдын экинчи жарымы – 20-кылымдын башындагы улуттук-боштондук кыймылдарынын эң ириси. Ал элдин эсинде "Үркүн" деген ат менен түбөлүккө сакталып калды.

Эскертүү: *бул материал Үркүндүн 105 жылдыгына карата интернет булактарына таянып даярдалды.*

Даярдаган
Азизбек ЧАМАШЕВ

«ЭЛЕКТР СТАНЦИЯЛАРЫ” ААК

2021-жылдын 8-сентябрында саат 10.00дө Бишкек шаары, Жибек Жолу көчөсү, 326 дарегинде боло турган акционерлердин кезексиз чакырылган жалпы чогулушун өткөрө тургандыгы жөнүндө маалымдайт:

Өткөрүүнүн формасы – **ачык.**

КҮН ТАРТИБИ:

1. Коомдун эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү туурасында.
2. 2021-жылга карата коомдун жылдык бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө.
3. Коомдун Директорлор кеңешинин укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө.
4. Коомдун Директорлор кеңешинин мүчөлөрүн шайлоо туурасында.

Акционерлерди каттоо убактысы саат **9.00дөн** саат **10.00гө** чейин.
Акционерлердин тизмесин түзүү күнү – **2021-жылдын 16-августу.**

Чогулуштун материалдары менен акционерлер коомдон төмөндөгү даректен: **Бишкек шаары, Жибек Жолу көчөсү, 326** дарегинен же “Электр станциялары” ААКнын корпоративдик катчысынан: **Бишкек шаары, Ахунбаев көчөсү, 119** дарегинен таанышууга болот. Сурап-билүү телефону: **(312) 98-88-22, кошумча 4445.**

С-134

ОАО “ЭЛЕКТРИЧЕСКИЕ СТАНЦИИ”

Извещает о проведении внеочередного общего собрания акционеров, которое состоится 8 сентября 2021 года в 10.00 ч. по адресу: г. Бишкек, ул. Жибек Жолу, 326.

Форма проведения – **очная.**

ПОВЕСТКА ДНЯ:

1. Об утверждении состава счетной комиссии Общества.
2. О внесении изменений в годовой бюджет Общества на 2021 год.
3. О досрочном прекращении полномочий членов Совета директоров Общества.
4. Об избрании членов Совета директоров Общества.

Время регистрации акционеров – **с 9.00 ч.** до **10.00ч.**
Дата составления списка акционеров – 16 августа 2021 года.

С материалами собрания можно ознакомиться в акционерном Обществе по адресу: **г. Бишкек, ул. Жибек Жолу, 326,** и у корпоративного секретаря ОАО «Электрические станции» по адресу: **г.Бишкек, ул. Ахунбаева, 119,** телефон для справок: **(0312) 98-88-22, доб.4445.**

«ТҮНДҮКЭЛЕКТР” ААК

2021-жылдын 9-сентябрында саат 14.00дө Бишкек шаары, Чкалов көчөсү, 3 дарегинде боло турган акционерлердин кезексиз чакырылган жалпы чогулушун өткөрө тургандыгы жөнүндө маалымдайт:

Өткөрүүнүн формасы – **ачык.**

КҮН ТАРТИБИ:

1. Коомдун эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү туурасында.
2. 2021-жылга карата коомдун жылдык бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө.
3. Коомдун Директорлор кеңешинин укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө.
4. Коомдун Директорлор кеңешинин мүчөлөрүн шайлоо туурасында.

Акционерлерди каттоо убактысы саат **13.00дөн** саат **14.00гө** чейин.
Акционерлердин тизмесин түзүү күнү – **2021-жылдын 16-августу.**

Чогулуштун материалдары менен акционерлер коомдон төмөндөгү даректен: **Бишкек шаары, Чкалов көчөсү, 3** дарегинен же “Түндүкэлектр” ААКнын корпоративдик катчысынан: **Бишкек шаары, Ахунбаев көчөсү, 119** дарегинен таанышууга болот. Сурап-билүү телефону: **(0312) 98-88-22, кошумча 4445.**

С-250

ОАО “СЕВЕРЭЛЕКТРО”

Извещает о проведении внеочередного общего собрания акционеров, которое состоится 9 сентября 2021 года в 14.00 ч. по адресу: г. Бишкек, ул. Чкалова,3.

Форма проведения – **очная.**

ПОВЕСТКА ДНЯ:

1. Об утверждении состава счетной комиссии Общества.
2. О внесении изменений в годовой бюджет Общества на 2021 год.
3. О досрочном прекращении полномочий членов Совета директоров Общества.
4. Об избрании членов Совета директоров Общества.

Время регистрации акционеров – с **13.00** ч. до **14.00** ч.
Дата составления списка акционеров – **16 августа 2021 года.**

С материалами собрания можно ознакомиться в акционерном Обществе по адресу: **г. Бишкек, ул. Чкалова,3,** и у корпоративного секретаря ОАО «Северэлектро» по адресу: **г.Бишкек, ул. Ахунбаева, 119,** телефон для справок: **(0312) 98-88-22, доб.4445.**

ПССИ СВЕРДЛОВСКОГО РАЙОНА г.БИШКЕК

объявляет первичные публичные торги на заложенное имущество:

- земельный участок без строения, расположенный по адресу: г.Бишкек, ул. Ракетная, д. 1 пер. г.Бишкек, ул.Бельская, д.25, идентификационный код 1-03-01-0001-0419, принадлежащий залогодателю на праве собственности Тостоковой Элизы Токсобаевны на основании договора купли-продажи за №2018242181 от 21 декабря 2018 года, путем продажи с публичных торгов, установив его начальную (стартовую) продажную цену в размере 960 000 (девятьсот шестьдесят тысяч) сом.

Первичные публичные торги на вышеуказанный земельный участок без строения, расположенный по адресу: г.**Бишкек, ул.Ракетная, д. 1 пер. г.Бишкек, ул.Бельская, д. 25,** с начальной (стартовой) продажной стоимостью в размере **960 000** (девятьсот шестьдесят тысяч) сом, первичные публичные торги на вышеуказанный заложенный участок состоятся **27 сентября 2021 года** в **11.00** часов по адресу: **г.Бишкек, ул.Ракетная, д. 1, пер. ул.Бельская, д. 25,** с начальной (стартовой) продажной стоимостью в размере **960 000** (девятьсот шестьдесят тысяч) сом.

Лицам, желающим принять участие в торгах необходимо внести **5%** от стоимости вышеуказанного имущества за день до начала торгов на депозитный счет ПССИ Свердловского района г.Бишкек-Центральное казначейство Министерство финансов КР **БИК 440001, р/с 440200421000000489,** код платежа **14511900.**

Обращаться судебному исполнителю **УСУПБЕКОВУ А.Ш**. по тел.: **(0505) 59-75-95.**

Н-349

«ОШЭЛЕКТР” ААК УШУЛ БИЛДИРҮҮНҮ МААЛЫМДАЙТ:

- “Ошэлектр” ААКнын акционерлеринин жалпы кезексиз чакырылган чогулушу **2021-жылдын 10-сентябрында** өткөрүлөт.

- Өткөрүлө турган жери: “Ошэлектро” ААКнын чогулуш өткөрүлүүчү залы, жайгашкан жери, дареги: **Ош шаары, И.Раззаков проспекти, 19 а;**

- Акционерлерди каттоо убактысы саат **14.00дөн** баштап;

- Чогулуштун башталыш убактысы саат **15.00дө;**

- “Ошэлектр” ААКнын кезексиз чакырылган жалпы чогулушуна катышууга укугу бар акционерлердин тизмесин түзүү күнү – **2021-жылдын 16-августу.**

КҮН ТАРТИБИ:

1. Коомдун эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү туурасында.
2. 2021-жылга карата коомдун жылдык бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө.
3. Коомдун Директорлор кеңешинин укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө.
4. Коомдун Директорлор кеңешинин мүчөлөрүн шайлоо туурасында.

Чогулуштун материалдары менен акционерлер төмөндөгү даректен: **Ош шаары, И.Раззаков проспекти, 19 а, 202-бөлмө,** телефон: **(03222) 8-25-93** жана ”Ошэлектр” ААКнын **(www.oshelectro.kg)** сайтынан таанышууга болот.

Эскертүү: *Акционерлердин өзүлөрүндө паспорту, ал эми акционерлердин өкүлдөрүндө жана юридикалык жактарда тастыкталган ишеним кат жана паспорту болууга тийиш.*

С-145

НАСТОЯЩИМ ОАО «ОШЭЛЕКТРО» СООБЩАЕТ:

- Дата проведения состоится Внеочередного общего собрание акционеров ОАО «Ошэлектро» - **10 сентября 2021 года;**

- Место проведения- актовый зал ОАО «Ошэлектро» расположенный по адресу: **г.Ош, пр. И.Раззакова 19а;**

- Время регистрации акционеров с **14.00** часов;

- Время начало собрания – **15.00** часов;

- Дата составления списка акционеров, имеющих право на участие внеочередном общем собрании акционеров ОАО «Ошэлектро» - **16 августа 2021 года.**

ПОВЕСТКА ДНЯ:

1. Об утверждении состава счетной комиссии Общества.
2. О внесении изменений в годовой бюджет Общества на 2021 год.
3. О досрочном прекращении полномочий членов Совета директоров Общества.
4. Об избрании членов Совета директоров Общества.

С материалами собрания акционеры могут ознакомиться по адресу: **г.Ош, пр.И.Раззакова, 19а,** и у корпоративного секретаря Общества, кабинет **202,** телефон: **(03222) 8-25-93** и на сайте ОАО «Ошэлектро» **(www.oshelectro.kg)**

Примечание: *Акционерам необходимо иметь при себе паспорт, а представителям акционеров и юридических лиц – оформленную доверенность и паспорт.*

«УЭТ КЫРГЫЗСТАН» ААК

2021-жылдын 8-сентябрында саат 14.00дө Бишкек шаары, Жибек Жолу, 326 дарегинде боло турган акционерлердин кезексиз чакырылган жалпы чогулушун өткөрө тургандыгы жөнүндө маалымдайт:

Өткөрүүнүн формасы - **ачык.**

КҮН ТАРТИБИ:

1. Коомдун эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү туурасында.
2. 2021-жылга карата коомдун жылдык бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө.
3. Коомдун Директорлор кеңешинин укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө.
4. Коомдун Директорлор кеңешинин мүчөлөрүн шайлоо туурасында.

Акционерлерди каттоо убактысы саат **13.00дөн** саат **14.00гө** чейин.
Акционерлердин тизмесин түзүү күнү – **2021-жылдын 16-августу.**

Чогулуштун материалдары менен акционерлер коомдон төмөндөгү даректен: **Бишкек шаары, Жибек Жолу көчөсү, 326,** дарегинен же “УЭТ Кыргызстан” ААКнын корпоративдик катчысынан: **Бишкек шаары, Ахунбаев көчөсү, 119** дарегинен таанышууга болот. Сурап-билүү телефону: **(0312) 98-88-22, кошумча 4445.**

С-248

ОАО “НЭС КЫРГЫЗСТАНА”

Извещает о проведении внеочередного общего собрания акционеров, которое состоится 8 сентября 2021 года в 14.00 ч. по адресу: г. Бишкек, ул. Жибек Жолу, 326.

Форма проведения – **очная.**

ПОВЕСТКА ДНЯ:

1. Об утверждении состава счетной комиссии Общества.
2. О внесении изменений в годовой бюджет Общества на 2021 год.
3. О досрочном прекращении полномочий членов Совета директоров Общества.
4. Об избрании членов Совета директоров Общества.

Время регистрации акционеров – с **13.00** ч. до **14.00** ч.
Дата составления списка акционеров – **16 августа 2021 года**

С материалами собрания можно ознакомиться в акционерном Обществе по адресу: **г.Бишкек, ул. Жибек Жолу, 326,** и у корпоративного секретаря ОАО «НЭС Кыргызстана» по адресу **г.Бишкек, ул. Ахунбаева, 119.** Телефон для справок: **(0312) 98-88-22, доб. 4445.**

ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

В связи с утерей государственного акта о праве частной собственности на земельный участок серия Ч№0096331 (от 23.05.2007 года) на имя Сапаралиевой Сони Капарбековны считать недействительным.

Н-351

В связи с утерей трудовой книжки АТ-IX №0755933 на имя Абдырасулова Рустама Равшанбековича считать недействительным.

Н-350

Өзгөн районунун Ак-Жар айылынын тургуну Шаимов Суйунбайга таандык жер үлүшүнүн күбөлүгү №04386 (1994-жылы 10-ноябрда берилген) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-593

В связи с утерей госакта о праве частной собственности на зем. участок Ч №398946 на имя Саруева Нурбека Баркалбасовича (от 17.08.12 г.) считать недействительным.

Р.Ж.

«ЖАЛАЛАБАТЭЛЕКТРО» ААК

2021-жылдын 10-сентябрында Жалал-Абад шаары, Ленин көчөсү 159 ("Жалалабатэлектро" ААКнын имаратында) дарегинде боло турган акционерлердин жалпы кезексиз чакырылган чогулушун өткөрө тургандыгы жөнүндө маалымдайт.

Өкөрүүнүн формасы - **ачык**

КҮН ТАРТИБИ:

1. Коомдун эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү туурасында.
2. 2021-жылга карата коомдун жылдык бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө.
3. Коомдун Директорлор кеңешинин укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө.
4. Коомдун Директорлор кеңешинин мүчөлөрүн шайлоо туурасында.

Акционерлерди каттоо - саат **8.00дөн** саат **9.00гө** чейин.
Акционерлердин тизмесин түзүү күнү - **2021-жылдын 16-августу.**

Чогулуштун материалдары менен төмөндөгү даректен таанышууга болот: **Жалал-Абад шаары, Ленин көчөсү, 159** же "Жалалабатэлектро" ААКнын корпоративдик катчысынан: **Бишкек шаары, Ахунбаев көчөсү, 119** дарегинен таанышууга болот. Сурап-билүү телефондору: **(0312) 98-88-22, кошумча 4445.**

С-081

ОАО «ЖАЛАЛАБАТЭЛЕКТРО»

извещает о проведении внеочередного общего собрания акционеров, которое состоится 10 сентября 2021 года в 09.00 ч. по адресу: г. Жалал-Абад, ул. Ленина, 159 (в здании ОАО «Жалалабатэлектро»).

Форма проведения – **очная.**

ПОВЕСТКА ДНЯ:

1. Об утверждении состава счетной комиссии Общества.
2. О внесении изменений в годовой бюджет Общества на 2021 год.
3. О досрочном прекращении полномочий членов Совета директоров Общества.
4. Об избрании членов Совета директоров Общества.

Время регистрации акционеров – с **08.00 ч.** до **09.00 ч.**
Дата составления списка акционеров – **16 августа 2021 года.**
С материалами собрания можно ознакомиться в акционерном Обществе по адресу: г**. Жалал-Абад, ул. Ленина, 159** и у корпоративного секретаря ОАО «Жалалабатэлектро» по адресу: **г. Бишкек, ул. Ахунбаева, 119,** телефон для справок: **(0312) 98-88-22, доб. 4445.**

Итоги проведения внеочередного общего собрания акционеров ОАО «Государственная Ипотечная Компания»

Дата проведения собрания: **16 августа 2021 года.**
Место проведения: **г.Бишкек, ул. Московская, 151**
Форма проведения: **очная**
Кворум собрания: **100%**

ОАО «Государственная Ипотечная Компания» сообщает о существенном факте,

16 августа 2021 года в **11.30** часов состоялось Внеочередное общее собрание акционеров по адресу: **г. Бишкек, ул. Московская, 151**

ПРИНЯТО РЕШЕНИЕ:

1. Возложить функции счетной комиссии на представителя независимого реестродержателя ОсОО «Реестродержатель Медина».
За – 100%.
2. О досрочном погашении кредитных обязательства перед Министерством экономики и финансов.
За – 100%.

ОАО «Государственная Ипотечная Компания»

объявляет публичные торги в форме открытого аукциона о сдаче в аренду цокольного помещения многоэтажного жилого дома, расположенного по адресу: г. Бишкек, мкр. Тунгуч, 6/2

Публичные торги состоятся **20 сентября 2021** года в **10.00** часов. Место проведения аукциона – **г. Бишкек, ул. Токтогула, 228.** Аукцион состоит из трех лотов. Открытые торги на каждое помещение будут проводиться отдельно. Для получения бланка необходимо обратиться по адресу: **г. Бишкек, ул. Токтогула, 228.**

Для участия в аукционе необходимо внести гарантийный взнос в размере **10 000 (десять тысяч) сом** и до начала торгов подать заявку на тот лот, в котором принимает участие участник. Для дополнительной информации обращаться в Сектор закупок и хозяйственного обеспечения по адресу: **г. Бишкек ул. Токтогула, 228, тел.: (0312) 610 680, (0700) 111 887.**

Наименование организации	ОАО «Государственная Ипотечная Компания»
Общие сведения	Помещение находится по адресу: г. Бишкек, мкр. Тунгуч, 6/2
Площадь	**1 лот:** 1 подъезд 195,5 кв.м. **2 лот:** 2 подъезд 179,6 кв.м. **3 лот:** 3 подъезд 187,7 кв.м. Общая площадь 562,8 кв.м.
Срок аренды	Три года
Иные условия по договору	Техническое состояние: хорошее (требуется ремонт)
Стартовая цена аукциона (в месяц)	538 (пятьсот тридцать восемь) сом за 1 квадратный метр
Гарантийный взнос	10 000 (десять тысяч) сом
Цена за шаг повышения	20 (двадцать) сом
Начало аукциона	20 сентября 2021 года в 10.00 часов
Место проведения торгов	г. Бишкек ул. Токтогула, 228

С-087

«ЧЫГЫШ ЭЛЕКТР" ААК

2021-жылдын 7-сентябрында Каракол шаары, Масалиев көчөсү, 24 ("Чыгыш электр" ААКнын имаратында) дарегинде боло турган акционерлердин жалпы кезексиз чакырылган чогулушун өткөрө тургандыгы жөнүндө маалымдайт.

Өкөрүүнүн формасы - **ачык**

КҮН ТАРТИБИ:

1. Коомдун эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү туурасында.
2. 2021-жылга карата коомдун жылдык бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө.
3. Коомдун Директорлор кеңешинин укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө.
4. Коомдун Директорлор кеңешинин мүчөлөрүн шайлоо туурасында.

Акционерлерди каттоо убактысы- саат **9.00дөн** саат **10.00гө** чейин.
Акционерлердин тизмесин түзүү күнү - **2021-жылдын 16-августу.**

Чогулуштун материалдары менен коомдон төмөндөгү даректен таанышууга болот: **Каракол шаары, Масалиев көчөсү, 24** же ААКнын корпоративдик катчысынан, **Бишкек шаары, Ахунбаев көчөсү, 119** дарегинен таанышууга болот. Сурап-билүү телефондору: **(0312) 98-88-22, кошумча 4445.**

С-086

ОАО «ВОСТОКЭЛЕКТРО»

извещает о проведении внеочередного общего собрания акционеров, которое состоится 7 сентября 2021 года в 10.00 ч. по адресу: г. Каракол, ул. Масалиева, 24 (в здании ОАО «Востокэлектро»).

Форма проведения – **очная.**

ПОВЕСТКА ДНЯ:

1. Об утверждении состава счетной комиссии Общества.
2. О внесении изменений в годовой бюджет Общества на 2021 год.
3. О досрочном прекращении полномочий членов Совета директоров Общества.
4. Об избрании членов Совета директоров Общества.

Время регистрации акционеров – с **09.00 ч.** до **10.00 ч.**
Дата составления списка акционеров – **16 августа 2021 года**
С материалами собрания можно ознакомиться в акционерном Обществе по адресу: **г. Каракол, ул. Масалиева, 24** и у корпоративного секретаря ОАО «Востокэлектро» по адресу: **г. Бишкек, ул. Ахунбаева, 119,** телефон для справок: **(0312) 98-88-22, доб.4445**

«БИШКЕКЖЫЛУУЛУК ТАРМАГЫ» ААК

2021-жылдын 9-сентябрында саат 10.00дө Бишкек шаары, Жукеев-Пудовкин көчөсү, 2/1 дарегинде боло турган акционерлердин кезексиз чакырылган жалпы чогулушун өткөрө тургандыгы жөнүндө маалымдайт:

КҮН ТАРТИБИ:

1. Коомдун эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү туурасында.
2. 2021-жылга карата коомдун жылдык бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө.
3. Коомдун Директорлор кеңешинин укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө.
4. Коомдун Директорлор кеңешинин мүчөлөрүн шайлоо туурасында.

Акционерлерди каттоо убактысы - саат **9.00дөн** саат **10.00гө** чейин.
Акционерлердин тизмесин түзүү күнү - **2021-жылдын 16-августу.**

Чогулуштун материалдары менен акционерлер коомдон төмөндөгү даректен: **Бишкек шаары, Жукеев-Пудовкин көчөсү, 2/1** же "Бишкекжылуулук тармагы" ААКнын корпоративдик катчысынан: **Бишкек шаары, Ахунбаев көчөсү, 119** дарегинен таанышууга болот. Сурап-билүү телефону: **(0312) 98-88-22, кошумча 4445.**

С-088

ОАО "БИШКЕКТЕПЛОСЕТЬ"

Извещает о проведении внеочередного общего собрания акционеров, которое состоится 9 сентября 2021 года в 10.00 ч. по адресу: г. Бишкек, ул. Жукеева-Пудовкина, 2/1.

Форма проведения – очная.

ПОВЕСТКА ДНЯ:

1. Об утверждении состава счетной комиссии Общества.
2. О внесении изменений в годовой бюджет Общества на 2021 год.
3. О досрочном прекращении полномочий членов Совета директоров Общества.
4. Об избрании членов Совета директоров Общества.

Время регистрации акционеров – **с 9.00 ч. до 10.00 ч.**
Дата составления списка акционеров – **16 августа 2021 года.**

С материалами собрания можно ознакомиться в акционерном Обществе по адресу: **г. Бишкек, ул. Жукеева-Пудовкина, 2/1,** и у корпоративного секретаря ОАО «Бишкектеплосеть» по адресу: **г.Бишкек, ул. Ахунбаева, 119,** телефон для справок: **(0312) 98-88-22, доб.4445.**

ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

Акматжанов Төлөнгө тиешелүү жер үлүшүнөн пайдалануу укук берүүчү күбөлүгү ЧА №1015 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Н-347

Токтогул районундагы Терек-Суу айыл өкмөтүнүн Терек-Суу айылынын тургуну Мырзалиев Жузупка таандык жер үлүшүнүн пайдалануу укук берүүчү күбөлүгү №Р300 (28.05.1996-жылы катталган) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-003

Саябаев Садырбек Турдугожоевичке тиешелүү жер үлүшүнөн пайдалануу укук берүүчү күбөлүгү №4157 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Н-348

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

төмөнкү багыттар боюнча ачык сынак жарыялайт:

- Коопсуздук жана маалыматтык коргонуу башкармалыгынын Маалыматты коргоо бөлүмүнө мөөнөттүү эмгек келишими боюнча иштөөгө талапкерлерди тандоо үчүн - 2 бирдик.

Документтер **2021-жылдын 30-августунда** саат **17.00гө** чейин кабыл алынат.
Сынакка катышуу үчүн талапкерлерге карата талаптар, алардын функционалдык милдеттери жана тиешелүү документтердин тизмеси Улуттук банктын **www.nbkr.kg** дареги боюнча сайтында («Ишке кабыл алуу»/ «Бош турган кызмат орундары») жайгаштырылган.

Бардык суроолор боюнча төмөнкү дарек боюнча кайрылууга болот:

Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168 дареги боюнча жайгашкан Улуттук банктын Персонал менен иш алып баруу бөлүмүнүн №117/1 бөлмөсүнө же (0312) 61-10-21, (0312) 66-90-18 телефондору аркылуу.

С-126

ПССИ ЛЕНИНСКОГО РАЙОНА г. БИШКЕК

объявляет публичные торги на заложенное недвижимое имущество:

- жилую квартиру, общей полезной площадью - 63,5 кв.м., жилой площадью - 41,0 кв.м., находящейся по адресу: г.Бишкек, мкр. Джал-23, д. 15, кв. 36, идентификационным кодом №1-01-11-0059-0006-01-040, принадлежащей на праве частной собственности Маматовой Эльмире Каныбековне.

Торги состоятся **28 сентября 2021 года** в **11.00 часов** по месту нахождения имущества, начальная (стартовая) стоимость заложенного имущества составляет - **2 369 002** (два миллиона триста шестьдесят девять тысяч два) сомов.

Согласно статьи 82,83,84 Закона Кыргызской Республики «О статусе судебных исполнителей и об исполнительном производстве» для участия в торгах необходимо внести **5%** от начальной стоимости на депозитный счет ПССИ Ленинского района г.Бишкек, **л/с 4402052100000877, р/с БИК 440001,** получатель Центральное казначейство МФ КР, код платежа **14238900**, до начала торгов подать заявку в ПССИ Ленинского района г. Бишкек. Прием заявок на участие в аукционе заканчивается за один день до начала аукциона.

Задаток, внесенный лицом, выигравшим аукцион, зачисляется в счет покупной цены. Остальным участникам торгов внесенные ими задатки возвращаются в течение трех рабочих дней после окончания торгов.

Организатор торгов судебный исполнитель Нуркалыкова Г.Д.,

тел. для справок: (0312) 30-36-04, (0553) 23-01-21.

Н-346

ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

В связи с утерей дог. купли продажи №2018-12731 (от 26.12.2018 г.) и гос. акта о праве частной собственности Ч №483846 (от 07.10.2013 г.) на имя Бабурбекова Тынчтыка Кенешбековича считать недействительным.

Н-341

В связи с утерей гос. акта Ч№123546 от 27.12.2007 г. на имя Стадникова Петра Алексеевича считать недействительным.

Н-343

В связи с утерей гос. акта Ч№124820 (от 13.02.2008 г.) иден. код 2-04-11-0001-0119 на имя Алтыбасаровой Гульбары Алымбековны считать недействительным.

Н-342

Кара-Кулжа районунун Ылай-Талаа айылынын тургуну Сыдыков Жолболот Турдумаматовичке таандык жеке ишкердикти тастыктоочу күбөлүгү ИНН 20612197500637, ОКПО 28230374 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-207

Кара-Кулжа районунун Ылай-Талаа айылынын тургуну Сагынбек уулу Жумакадырга таандык жеке ишкердикти тастыктоочу күбөлүгү ИНН 22202199100954, ОКПО 28230374 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-209

Ак-Дөбө айыл өкмөтүнүн Кызыл-Сай айылынын тургуну Рысалиев Зарлыкка тиешелүү ПМКдагы турак жайынын серия Ч №083284 сандуу мамлекеттик актысы жана тех. паспорту жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын

П/П-916

Өзгөн району, Шамал-Терек айылынын тургуну Туташев Алманбет Калмаматовичке таандык жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акты серия Ч№182927, ИНН 5-06-13-1001-0066 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-127

Мураталиев Сагынбекке тиешелүү жер үлүшүнөн пайдалануу укук берүүчү күбөлүгү серия БN№006397 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Н-340

Барманбаев Базарбекке тиешелүү жер үлүшүнөн пайдалануу укук берүүчү күбөлүгү код 3-7-2-0-2 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Н-345

Юлдашева Мубаракханга таандык Базар-Коргон районунун Базар-Коргон айыл өкмөтүнө караштуу Базар-Коргон айылындагы Усманова н/ж дарегиндеги турак жайынын техникалык паспорту (идентификациялык коду 3-02-02-0023-1009) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Д-26

ПОДРАЗДЕЛЕНИЕ СЛУЖБЫ СУДЕБНЫХ ИСПОЛНИТЕЛЕЙ СВЕРДЛОВСКОГО РАЙОНА г. БИШКЕК

объявляет публичные торги на основании исполнительного листа от 16 апреля 2021 года, выданного Свердловским районным судом г.Бишкек по делу №СГ-80/21Б4, об обращении взыскания на заложенное недвижимое имущество:

- квартира общей полезной площадью - 58,4 кв.м., жилой площадью - 43,5 кв.м., расположенная по адресу: г.Бишкек, ул.Гоголя, дом. №6, кв. 89 принадлежащая должнику Койчукуловой А.Т. на праве собственности, согласно договору купли продажи от 28.10.2014 года (идентификационный код №1-03-07-0040-0055-01-089), путем продажи с публичных торгов, с начальной (стартовой) продажной ценой в размере 1 644 000 (один миллион шестьсот сорок четыре тысяча) сомов.

Торги состоятся **21 сентября 2021 года** в **11.00 часов** по месту нахождении имущества по адресу: **г. Бишкек, ул. Гоголя, д.№6, кв. 89.**

Лицам, желающим принять участие в торгах необходимо оплатить 5% на депозитный счет ПССИ Свердловского района г. Бишкек **р/с 4402042100000489,** получатель Центральное казначейство МФ КР, **БИК 440204,** код платежа **14511900** и обратиться с заявлением в ПССИ Свердловского района г. Бишкек. Прием заявок на участие в аукционе заканчивается за один день до начала аукциона.

Участник, выигравший публичные торги должен в течение **7 дней** внести на расчетный счет ПССИ Свердловского района г. Бишкек покупочную цену за вычетом суммы гарантийного взноса.

Организатор торгов судебный исполнитель Кундузов У.К.

Обращаться по телефону: (0708) 98-89-99.

Н-344

РЕШЕНИЯ,

принятые на внеочередном общем собрании акционеров ОАО «Кошой»

Вид общего собрания: **внеочередное собрание.**
Форма проведения общего собрания: **очное голосование.**
Дата проведения общего собрания: **13 августа 2021 года.**
Место проведения: **Кыргызская Республика, Чуйская обл., Сокулукский р-н, г. Шопоков, ул. Ленина, 15.**
Кворум общего собрания: 85,62%.

Принятые решения	ЗА %
1. Утвердить счетную комиссию в составе: Кузин А.А., Куценко Л.А., Заинчуковская Н.А.	100
2. ОАО «Кошой», в целях пополнения оборотных средств предприятия и привлечения необходимого для этого объема кредитных средств, совместно с ОАО «Каинды-Кант» выступить в качестве созаемщиков и получить в Российско-Кыргызском Фонде развития кредит в виде возобновляемой кредитной линии с лимитом 10 000 000,00 (десять миллионов) долларов США (или эквивалентной сумме в российских рублях), сроком на 36 (тридцать шесть) месяцев, с процентной ставкой 6M LIBOR*+4,9% годовых в долларах США (или ОФЗ**+5% годовых в российских рублях), в связи с чем заключить соответствующий кредитный договор на указанных в настоящем решении существенных условиях, содержащий арбитражную оговорку.	85,62
3. В обеспечение исполнения обязательств по указанному кредиту ОАО «Кошой» предоставить Российско-Кыргызскому Фонду развития в залог имущественный комплекс ОАО «Кошой» по адресу: Кыргызская Республика, Чуйская область, Сокулукский район, г. Шопоков, ул. Ленина, 15.	
4. Одобрить предоставление ОАО «Каинды-Кант», ОсОО «Агро Холдинг Групп», ОсОО «КыргызПромИнвест» в обеспечение исполнения обязательств по указанному кредиту Российско-Кыргызскому Фонду развития в залог: • *имущественного комплекса ОАО «Каинды-Кант» по адресу: Кыргызская Республика, Чуйская область, г. Каинда, Панфиловский район, ул. Мира, 1;* • *пакета акций ОАО «Кошой» (35,30%), принадлежащего ОсОО «Агро Холдинг Групп»;* • *пакета акций ОАО «Кошой» (49,9%), принадлежащего ОсОО «КыргызПромИнвест»;* • *пакета акций ОАО «Каинды-Кант» (49,00%), принадлежащего ОсОО «Агро Холдинг Групп»;* • *пакета акций ОАО «Каинды-Кант», принадлежащего ОсОО «КыргызПромИнвест» (46,89%);* а также предоставление поручительства следующими лицами: • Абдрахмановым Нурбеком Омурбековичем; • Беккировым Айдером Зеккиевичем; • Севрюковым Максимом Викторовичем.	
5. Уполномочить Генерального директора ОАО «Кошой» Барбалат Александра Ивановича на оформление и заключение (подписание) от имени ОАО «Кошой» соответствующих договоров/соглашений и иных документов, необходимых для получения кредита, оформления залога и поручительства (включая соглашения о порядке обращения взыскания на заложенное имущество во внесудебном порядке) с кредитором (РКФР),созаемщиком (ОАО «Каинды-Кант»), залогодателями (ОАО «Каинды-Кант»,ОсОО «Агро Холдинг Групп», ОсОО «КыргызПромИнвест») и поручителями (Абдрахмановым Н.О., Беккировым А.З., Севрюковым М.В.).	85,62

Жеке ишкер Чинтаева Айчурок Кубанычбековна

ОКПО 29521859, ИНН 12810196300163

өз ишкердүүлүгүн токтотот. Дооматтар эки айдын ичинде кабыл алынат.

Дареги: **Ош обл., Өзгөн району, Кызыл-Октябрь айылы.**

П/П-875

ОАО «Керемет Банк»

уведомляет, что объявленный на 09.08.2021 года тендер «На приобретение офисного помещения для ОАО «Керемет Банк» признан несостоявшимся, по причине отсутствия предложений.

С/О-166

Эркин-Тоо
Гезит ээси: КР Министрлер Кабинети
Биздин реквизиттер: р/с №1280010019784103 БИК 128001 ОКПО 20108596 ИНН. 00107199210141 ЗАО Кыргызский-Инвестиционно-Кредитный Банк (КИКБ)

Башкы редактор
АЛЕНОВ Бахпурбек Абдыкарович

Кабылдама 62-38-75

Башкы редактордун 1-орун басары КАРБОСОВА Жазгүл – 62-38-77
Башкы редактордун орун басары АСАНБАЕВ Наралы – 62-38-77

Коммерциялык директор
САТЫКУЛОВ Орункул – 62-19-06 факс
Уюлдук тел.: (0705) 11-75-87
(0773) 11-75-87
Жооптуу катчы
ЖУНУСОВ Асан – 62-38-71

Бөлүмдөр:
Саясат жана экономика бөлүмү – 66-22-27
Маданият бөлүмү – 62-18-64
Укук бөлүмү – 62-38-78

Веб-сайт – 62-38-74
Коммерциялык бөлүм – 62-18-66
"Нормативдик актылар" журналы – 62-18-64
Башкы эсепчи – 62-38-73
Компьютердик борбор – 62-38-74

Жарнамалар кыргыз, орус, англис тилдеринде берилет.

Жарнамалардын мазмунуна редакция жооп бербейт.
Мыйзамдар бир эле мезгилде кыргыз жана орус тилдеринде "Эркин-Тоо" гезитинде жарыяланып, ал расмий жарыялоо болуп эсептелет.
Автордун көз карашы редакциянын позициясын билдирбейт.

Биздин дарегибиз:
Бишкек шаары, 720040, Абдумомунов көчөсү, 193.

erkintoo777@mail.ru
erkintoonews@gmail.com

● Юстиция министрлигинен өткөн катталуу күбөлүгүнүн №592
Жумасына эки ирет: шейшемби, жума күндөрү чыгат.

Индекси: 68451

"Учкун" ААК басмаканасында басылды.
Бишкек ш., С.Ибраимов көчөсү, 24
Буйрутма №.790 Нускасы 4262
Басууга 16.08.2021-ж. саат 21.00дө берилди
Сатык келишим баада

Демилге ээси – классташтар

Элдик табып Дүйшөнбек ЧОМОЕВ:

«ЭЛҮҮ ЖЫЛ АЙТКАНГА ОҢОЙ БОЛГОНУ МЕНЕН КЫЙЛА ЭЛЕ УБАКЫТ ЭКЕН...»

Токтогул районунун Сары-Камыш айыл өкмөтүнүн айтылуу Тержайлак жайлоосунун болуп-толуп жаткан учурунда, тактап айтканда, 3-4-июль күндөрүндө Сары-Камыш айылындагы "Бирлик" (азыркы Зыфар Эгембердиев атындагы) орто мектебин 1971-жылы бүтүргүшкөн окуучулардын 50 жылдык мааракеси болуп өттү. Бул иши-чара бүгүнкү күндөрдө да уу-дуу аңыз-кепке айланып, мектепти бүткөндөрүнүн 50 жылдыгын өткөргүшкөн жердештеринин Сары-Камыш айыл өкмөтүнө кыргыздын боз үйү, ичиндеги китеп текчелери, стол, стулдары, 1300 китеби менен көчмө китепкананы тартуу кылышканын айтып түгөтө алышпай жаткан чагы. Ошол элүү жылдык мааракенин каармандарынын бири, анын уюштуруучусу жана башкы демөөрчүсү, республикабыздагы белгилүү элдик дарыгер, табып Дүйшөнбек Чомоевге жолугуп, эли-журтунун даңазалуу кебине айланган ошол иш-чара тууралуу бир катар суроолорубузга жооп алдык.

- Дүйшөнбек мырза, жакында айылыңарга барып орто мектепти бүткөнүңүздүн 50 жылдыгын өткөрүп келипсиздер. Адатта, 10-20-30 жылдыктарды өткөрүп келишкендер көп эле кездешет. 40 жылдыктарын өткөргөндөр да бар. Ал эми 50 жылдыкты белгилегендер чанда эле болсо керек. Дегеним, бул иш-чарада кандай сезимдерге кабылдыңыз?

- Элүү жыл деген айтканга оңой болгону менен кыйла эле убакытты өзүнө камтырын сездим. Элибизде "Элүү жылда эл жаңы" деген кеп айтылат эмеспи. Бул сөздүн төгүнү жок экенин туйдум. Биз мектепти бүткөн жылы төрөлгөн уул-кыздар бүгүнкү күндө элүүгө чыгып калышкан. Алардын балдарынын алды отуз жашты чапчыган эр-азаматтар болушкан, бала-бакыралары жок дегенде онго чыгып калган. Кыскасы, айылыбызда өзүнчө эл өсүп чыккан. Алар бизге салам айтышса, бүшүркөп "кимдин баласы элең" деп калабыз. Бул мыйзам ченемдүү көрүнүшкө аргасыз баш ийип, кубанып да калып жаттык... Өкүндүргөнү биз бала кезде көргөн-билген кишилер, бизди окуткан агай-эжейлердин көпчүлүгү бүгүнкү күндө көздөрү жок, бейиши болгурлар.

Биз Сары-Камыштагы "Бирлик" орто мектебин 23 окуучу бүткөн элек. Азыр мектебибиз Зыфар Эгембердиев атындагы орто мектеп деп аталат. Азыр мектептин жаңы эки кабаттуу имараты салынып жатыптыр. Айылыбыздагы ушул сыяктуу өзгөрүүлөр бизди кубандырат. Сыймыктандырат. Анан да мектепти чогуу бүткөн классташтарыбыз менен 50 жылдан кийин жолугушуубуз кубанычтуу сезим тартуулады. Ошол эле учурда көздөрү өтүп кеткен 9 классташыбыздын бажырайган элестерин көз алдыбызга келтирип, каңырыгыбыз түтөдү...Айтор, ушундай...

- Сиздердин мектепти бүткөнүңүздөрдүн 50 жылдык иш-чарасы айылдаштарыңыздарда аңыз кепке айланып жатканына күбө болдук. Сөз ыңгайын ушул жакка бурсак?..

- Ушинтип суроону жаңыртып койгонуңуз жакшы болбодубу. Болбосо, маанай чөктүргөн сөздөр улана берет эле да... Кийинки кездерде орто мектепти аяктагандардын 10 жылдык, 20 жылдык иш-чараларын өткөрүү кадыресе салтка айланып калгандай болду. Адегенде мүмкүнчүлүгүнө жараша классташтар арасында эле өткөрүлүп келсе, кийинчерээк айрым колунда барлар жылкы союп, мугалимдерин сыйлап, өзүлөрү да чардап, канча каражат сарпталганын сыймыктануу менен айтып жүргөндөр да болду.

Кийинки 5-6 жылда мындай иш-чаралар мазмундук жактан өзгөрүлүп, айылына, окуган мектебине пайдалуу бир иш жасаган окуучулар көбөйүп баратканы кубандырат. Айылдагы маанилүү маселелерге кол-кабыш кылгандар, аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө там салып бергендер көбөйүп баратат, буюрса. Мындай жагымдуу көрүнүштөрдү колдоо гана керек деп ойлойм...

- Кечиресиз, Дүйшөнбек мырза, жогорудагы сөздөрүңүз менен дагы бир суроого жем таштап койдуңуз. Сиздер 50 жылдык иш-чараларыңыздар менен элге кандай кызмат көрсөттүңүздөр?

- Эл катары биз деле 10, 20, 30, 40 жылдыктарды өткөрүп келдик. Ишке, үй-бүлөлүк шартка жараша ар кимибиз ар жерде, алыс-жакын аймактарда жашап жүрөбүз. Ошентсе да ушундай кезектерде чогулууга аракеттенип, жөн гана өзүбүз үчүн гана өткөрбөй айылыбызга, окуган мектебибизге бир пайдалуу иш кылсак деген максатты башынан эле карманып келебиз. Маселен, биз окуган "Бирлик" орто мектеби азыр Зыфар Эгембердиев атындагы орто мектеп аталарын жогоруда айтпадыкпы. Мектебибизге ысымы ыйгарылган Зыфар Эгембердиев мына ушул Сары-Камыш айылынын кулуну болгон. Медицина илимдеринин доктору, профессор, Кыргызстанда медициналык адистикке 1933-жылы биринчи ээ болгон, кыргыз медиктеринин арасында Кыргыз Республикасынын алгачкы саламаттык сактоо министри болгон Зыфар акебиздин ысымын мектебибизге койдуруунун демилгечиси менин классташтарым болгонун сыймыктануу менен белгилеп кетмекчимин.

Менин классташтарымдын арасында эл бийлеген, райондук, облустук, республикалык деңгээлдеги кызматтарды аркалагандар деле жок. Чарбада партиялык, профсоюздук кызматтарда үзүрлүү иштеген Токтогул Байбосунов, агартуу тармагында эмгек өтөгөн Лайли Рысбаева, узак жылдар мектеп директору болуп иштеген Кайырбү Эдигеевалардан башкаларыбыз кара жумушту камырдай жууруган, айыл чарба техникаларын башкарган, мал чарбачылыгын өнүктүрүүгө салым кошкон катардагы эле адамдарбыз.

Мектепти бүткөнүбүзгө 20 жыл болгондо партком Токтогул Байбосунов Зыфар Эгембердиевдин сүрөтүн художниктерге чоңойттуруп келип, мектебибиздин кире беришиндеги көрүнөө жерине илгенибизде мугалимдерибиз, айылдаштарыбыз чоң кубанычта болушуп, бизге алкыштарын жаадырганы эсимде.

Классташтар

Ал эми 40 жылдыкты белгилегенде эр ортонунан өтүп, кыйла тиш кагып калган убагыбыз эле. Айрым классташтарыбыз көз жумуп, кайгырып дегендей... Ошондо кудай аман коюп, көзүбүз тирүү турсак 50 жылдык иш-чараны да өткөрөлү. Элибизге эсте каларлык бир эстелик жасоого аракеттенели деп тилек кылганбыз.

- Анан учуру келип быйыл өткөрдүңүздөр?

- Ооба, буюрса өткөрүп алдык. Классташтарыбыз менен кеңешип, айылыбызга бир көчмө китепкана белек кылалы деп макулдаштык. Бул жерде турмуш деген, шарт-жагдай деген бар экенин эске алдык. Ар кимибиз колубуздан келген гана салымыбызды кошолу деп чечтик. Мен өткөн жылдын күзүнөн тартып эле аракеттене баштадым. Өзүм жөнүндө учкай айта кетсем, жеке тагдырыма байланыштуу жарытылуу деле билимге ээ боло албадым, мектепти бүткөндөн кийин Кара-Балтадагы профтех окуу жайында окуп, механизатор болдум. Практикамды Суусамыр МЖСинде өткөргөм. Ошондо ал жердин жетекчилери окуу жайды аяктаарым менен келип иштешимди сураныштыкан.

Окууну бүтүп, 1974-1976-жылдарда армиянын катарында кызмат кылдым. Андан келээрим менен Суусамыр МЖСинде жумушка орношуп, механизатор, механик, талаачылык бригадири сыяктуу жумуштарда иштедим. Эми айта берсе сөз көп. Суусамырда иштеп жүргөндө эле тамыр кармап, сыркоолуунун ысык-суук экенин айта койчу элем. Токсонунчу жылдардан кийин элдик дарыгерчилик менен аракеттенип келем. Оорунун мүнөзүнө жараша чөптөрдү пайдалануу боюнча өз алдымча изилдеп, тактап, колдонуу иштерин жүргүзүп, элдик жана чыгыш дарыгерчилигинин пайдалуу жактарын ачууга аракеттенип келе жатам. Майнабы да дурус.

Мына ушунда билимдин пайдасы чоң экенин билдим. Көптөгөн китептерди окудум. Бала кезимден берки китепке болгон куштарлануум мына ушул көчмө китепкана уюштурууга чоң түрткү болду окшойт. Адегенде боз үй, анын ичине текчелерди, стол, стулдарды жасатууга заказ бердим. Ошону менен бирге китеп чогултуу иштерин кошо жүргүздүм. Тиешелүү адистерден кепкеңештерди алып турдум.

Баш-аягы 115 миң сомго боз үй, 65 миң сомго текчелер, стол, стулдар жасалды. Ал эми китеп чогултуу да бир топ машакаттуу жумуш экен. Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министри Кайрат Иманалиевдин жеке кийлигишүүсү менен Жалал-Абад облустук китепканасынан 120 китеп бөлүнүп алынды. Калгандары жеке адамдардан чогултулду. Айрымдарын атап өтсөм, Кыргыз эл акыны Карбалас Бакиров 100, Кыргыз Республикасынын эр артисти, залкар куудул Келдибек Ниязов 100, актёр Марат Алыбаев 200, акындар, манасчылар тобу 100, белгилүү коомдук ишмер, Манас жана Ч.Айтматов академиясынын президенти Топчубек Тургуналиев 70, ошондой эле жердештерибиз педагогика илимдеринин доктору Сулайман Рысбаев, Кубат Жакыпов, Бекмат Жээналиевдерден китептер чогултулду. Жыйынтыктап айтканда, 1300 китеп фонду бар көчмө китепкананы Сары-Камыш айыл өкмөтүнө өткөрүп бердик.

- Дүйшөнбек мырза, чынында эле колдоого алардык чоң иш жасагансыздар. Бул республика боюнча алганда сейрек кездешчү иш десек жаңылбаспыз.

- Эми ал жагы элдин таразасында болор. Баягы "Көргөнү жаман бергенин доолайт" болбойлу. Биз мындай кылганбыз деп өпкөлөп, милдет кылбайлы. Жаштарыбыз көп окушсун. Билимдүү болушсун, элге пайда келтирген адамдар болушсун деп тилек кылалы.

Дагы белгилей кетүүчү сөз, ушул 50 жылдык иш-чаранын алкагында Кызыл-Ойдон Кырк-Кыздын белин ашып Тержайлак жайлоосуна жеткенге чейин "Бешинчи каналдын" журналисттери тарткан тасмада бир кездеги заңгыраган жолдун азыркы абалы, борбор шаарыбызга Сары-Камыштын эли кандай кыйынчылыктар менен каттай турганы кеңири чагылдырылды. Телевидениеден көргөн тиешелүү жетекчилер Сары-Камыштын жолуна көңүл бурушар деп ойлодук.

Ошону менен бирге бул иш-чарабыз айылдаштарыбызга тартууланган маданий-массалык иш-чара да болсун деген аруу тилегибиз эле. Кытайлык боордошубуз, төкмө акын Акматбек Султан уулу, менин комузчу уулум Закирбек Дүйшөнбек уулунун комузчулар тобу, ырчылар элибизге өнөрлөрүн тартуулап, концерт беришти. Айылдагы классташтар союшун чыгарып, жалпы элибизге той өткөрүп, алардын батасын алдык.

Айтор, көптөн берки ойлогон оюбузду ишке ашырдык го деп турган чагыбыз. Ушул иш-чарага райондун жетекчилигинен, маданият, китепкана өкүлдөрүнөн катышса мындан да жакшы болот беле. Бирок, алардан катыша алышкан жок. Ушуга саал кейип калдык. Биз колубуздан келген ишибизди аткардык. Көчмө китепканабыз бүлүнбөй, тескерисинче китеп фонду өсүп турса болгону.

Төкмө акын Акматбек Султан уулу

Көчмө китепкананы ачуу аземи

Качкынбай КЕРИМБАЕВ,
жазуучу, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер